| Баткен облусу | 65,8 | 66,7 |
| Жалал-Абад облусу | 50,3 | 42,9 |
| Ысык-Көл облусу | 65,4 | 54,5 |
| Нарын облусу | 39,1 | 41,4 |
| Ош облусу | 54,9 | 49,2 |
| Талас облусу | 65,3 | 49,3 |
| Чүй облусу | 48,5 | 46,0 |
| Бишкек ш. | 73,7 | 64,5 |
| Ош ш. | 72,4 | 54,2 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

Жөнөкөй текстти окуу жана түшүнүү – бул бала ээ болуп кетүүчү эң фундаменталдуу көндүмдөрүнүн бири. Бирок, көптөгөн өлкөлөрдө, мектептерде 6 жылдан бери окуган окуучулар жөнөкөй тексттерди окуп, түшүнө алышпайт. Башталгыч класста окуу жана жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү өтө маанилүү, анткени келечекте аны аткаруу кыйыныраак болот.

2018-жылы 7 жаштан 14 жашка чейинки балдардын 58 пайызы гана негизги окуу көндүмдөрү жана окуу чеберчилиги боюнча үч тапшырманы ийгиликтүү аткарышты. Ошол эле учурда кыздардын үлүшү эркек балдарга салыштырмалуу 4 пайызга жогору жана балдар арасындагы негизги окуу көндүмдөрү жана окуу чеберчилиги айылдарга караганда шаарларда 7 пайызга жогору.

Баштапкы класстарда математикалык сабаттуулук боюнча негизги көндүмдөрдүн өнүгүшү кийинки жылдары математикада ийгиликке жетүү үчүн маанилүү. Математика - бул өтө талап кылынган көндүм, андыктан жогорку атаандаштыктагы жумуш орундарынын көпчүлүгү математикалык көндүмдөрдү талап кылат. Эрте жашында математикалык билимге ээ болуу окуудагы андан аркы жетишкендиктердин негизги көрсөткүчү болуп саналат, ал эми математика боюнча келечектеги ийгиликтер бала кезинен алган жакшы базалык даярдыгы менен байланыштуу.

2018-жылы 7 жаштан 14 жашка чейинки балдардын 51,3 пайызы гана негиз болуучу көндүмдөр жана эсептөө жөндөмдөрү боюнча үч тапшырманы ийгиликтүү аткарышты.

**4.2.1.** Аймагы боюнча бөлүнүшүндө ден-соолугу, окуусу жана психикалык бакубатчылыгы жактан четтөөсүз өсүп жаткан 36-59 ай курактагы балдардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2018 |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 78,3 | 71,7 |
| ***Жынысы боюнча*** | | |
| Балдар | 76,1 | 68,2 |
| Кыздар | 80,6 | 75,0 |
| ***Эненин билим деңгээли боюнча*** | | |
| Билими жок / Башталгыч | (*) | (*) |
| Жалпы негизги | 70,1 | 71,0 |
| Жалпы толук | 77,2 | 73,8 |
| Кесиптик башталгыч / Орто | 80,8 | 70,6 |
| Жогорку | 81,8 | 69,6 |
| ***Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча*** | | |
| Эң жакыр | 76,5 | 72,5 |
| Экинчи | 80,3 | 70,6 |
| Орто | 73,0 | 67,2 |
| Төртүнчү | 79,3 | 71,0 |
| Эң бай | 84,3 | 78,0 |
| ***Аймак боюнча*** | | |
| Баткен облусу | 81,2 | 83,3 |
| Жалал-Абад облусу | 87,1 | 63,9 |
| Ысык-Көл облусу | 81,6 | 79,8 |
| Нарын облусу | 80,6 | 72,4 |
| Ош облусу | 69,6 | 65,8 |
| Талас облусу | 84,9 | 65,1 |
| Чүй облусу | 73,5 | 72,0 |
| Бишкек ш. | 87,4 | 81,3 |
| Ош ш. | 52,0 | 71,5 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

Эрте жаш курагындагы өнүгүү (ЭЖӨ) өмүр бою гүлдөп өнүгүү үчүн негиз берет. ЭЖӨгө инвестиция салуу - бул адам капиталын түзүү жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн чоң кишилердин ден-соолугун, билимин жана өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн жасай турган эң маанилүү жана экономикалык жактан натыйжалуу инвестициялардын бири.

Эрте жаш курагындагы өнүгүү көптөгөн аспекттерге ээ жана жашоонун биринчи жылдарында моторикалык, таанып-билүүчүлүк, тилдик, социалдык-эмоционалдык жана нормативдик көндүмдөрдү жана жөндөмдүүлүктөрдү ырааттуу өнүктүрүүнү камтыйт. Физикалык өсүү, окуу жана эсептөө жөндөмдүүлүктөрү, социалдык - эмоционалдык өнүгүү жана окууга даярдануу баланын жалпы өнүгүүсүнүн маанилүү багыттары болуп, андан ары жашоо үчүн негиз түзүп, ден-соолугун, билимин жана бакубаттыгын аныктайт.

2018-жылы 36-59 айлык балдардын болжол менен 72 пайызы саламаттыкты сактоо, билим алуу жана психосоциалдык бейпилдик жагынан жок дегенде төмөндөгү төрт тармактын үчүнчүсүндө четтөөсүз өнүккөн: сандык сабаттуулук, физикалык, социалдык - эмоционалдык тарбия жана окутуу.

### **4.2.2.** Уюштурулган окутуулардын түрлөрүнө катышуунун деңгээли (мектепке кире турган расмий жаш куракка чыкканга чейинки бир жыл үчүн)

*(6 жаштагы туруктуу калктын санына пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектепке чейинки даярдоо менен камтуу (мектепке кирүүнүн расмий курагына жеткенге чейин бир жыл мурда) | 10,0 | 51,1 | 55,0 | 74,4 | 75,9 | 84,9 |

Мектепке расмий кабыл алынганга бир жыл калганда уюшкан окутууга катышуунун деңгээли бир же бир нече уюштурулган билим берүү, анын ичинде билим берүү жана кам көрүү айкалышын сунуштаган программаларга катышкан курактагы балдардын пайызы катары аныкталат. Жыл сайын мектепке чейинки даярдоодон өткөн балдардын саны өсүүдө.

2018/2019- окуу жылында 6 жаштагы туруктуу жашаган калктын санынын 85 пайызы (же 128 миңден ашык) балдар мектепке чейинки билим берүүгө кабыл алынган, ал эми 2013/2014- окуу жылында- 12 пайыз (7 эсеге көбөйүү).

### **4.4.1.** 2018-жылы көндүмдөрдүн түрлөрү боюнча бөлүнүшүндөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жаатында көндүмдөргө ээ болгон чоң адамдардын жана жаштардын үлүшү8 (пайыз менен)[8] *(пайыз менен)*

| | 15-24 жаштагы аялдар | 15-49 жаштагы аялдар |
|---|---|---|
| **Көндүмдөрдүн түрлөрү боюнча бөлүнүшүндөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) жаатында көндүмдөргө ээ болгон 15-49 жаштагы аялдардын үлүшү** | **29,7** | **21,0** |
| файлды же папканы көчүрүп алышкан же башка жерге жылдырышкан | 23,8 | 17,1 |
| документтин ичиндеги маалыматты көчүрүп алуу же башка жерге жылдыруу үчүн «көчүрүү-коюу» функциясын колдонушкан | 23,4 | 16,9 |
| тиркелген файл, мисалы, документ, сүрөт же видео менен электрондук кат жөнөтүшкөн | 21,2 | 15,4 |
| электрондук таблицада базалык арифметикалык формула менен колдонушкан | 13,6 | 9,7 |
| жаңы түзүлүштү, мисалы, модем, камера же принтерди туташтырышкан же орнотушкан | 7,3 | 6,2 |
| программалык камсыздоону издешкен, жүктөшкөн, орнотушкан жана ырасташкан | 7,5 | 5,8 |
| өзүнө тексттерди, сүрөттөрдү, аудио, видео, же графиканы камтыган презентацияларды түзүү үчүн программанын жардамы менен электрондук презентация түзүшкөн | 13,2 | 8,9 |
| компьютер жана башка түзүлүштүн ортосунда файл өткөрүшкөн | 12,1 | 8,4 |
| кайсы бир программалоо тилинде компьютердик программа жазышкан | 3,2 | 2,0 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

[8] Сурамжылоо 15-49 жаштагы аялдар арасында жүргүзүлгөн

МКТ - көндүмдөрү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу пайдаланууну аныктайт. Мындай көндүмдөрдүн жоктугу дагы деле болсо адамдардын, айрыкча аялдардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларынын потенциалынан толук пайдаланышына бөгөт болгон негизги тоскоолдуктардын бири болуп саналат.

Жаш аялдар үчүн (15-24 жаштагы) МБТ жөндөмүнө ээ жаштар менен чоңдордун үлүшү 30 пайызды, 15-49 жаштагы аялдарда 21 пайызды түзгөн.

**4.c.1.** Дипломy бар мугалимдердин үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| a) мектепке чейинки билим берүү уюмдарында | 87,9 | 89,8 | 94,7 | 91,6 | 93,4 | 93,5 |
| b) башталгыч мектепте (1-4- класс), | 93,6 | 94,4 | 95,0 | 95,4 | 96,0 | 96,4 |
| c) негизги мектепте (5-9- класс) жана d) орто мектепте (10-11 - класс) | 92,9 | 95,3 | 95,9 | 96,9 | 97,9 | 98,0 |

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда мугалимдер негизги ролду ойношот. Идеалында, бардык мугалимдер тандалган билим деңгээлинде педагогикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн адекваттуу, ылайыктуу жана өз убагында педагогикалык даярдыктан өтүшү керек жана алар окуткан предмет (тер) боюнча жогорку квалификациялуу адис болууга тийиш. Бул көрсөткүч педагогикалык жактан жакшы даярдалган окутуу жумушчу күчүнүн үлүшүн өлчөйт.

Көрсөткүч иш-аракеттер башталганга чейин жок дегенде минималдуу уюштурулган педагогикалык даярдыктан өткөн жана педагогикалык ишти тиешелүү деңгээлде жүзөгө ашыруу үчүн талап кылынган минималдуу талаптарга жооп берген билим деңгээли боюнча (мектепке чейинки, башталгыч, орто жана орто кесиптик билим) мугалимдердин пайызын мүнөздөйт.

2018-жылдын аягында республиканын мектепке чейинки мекемелеринде 11 миңден ашык мугалимдер иштешкен, алардын ичинде башчылар, методисттер, тарбиячылар, музыка жетекчилери, дефектологдор, логопед-мугалимдер жана башка мугалимдер. Алардын ичинен 66 пайыздан ашыгы жогорку билимге, 27 пайыздан ашыгы орто кесиптик билимге ээ. 2010-жылга салыштырмалуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы дипломy бар мугалимдердин үлүшү 5,6 пайызга, 2013-жылга салыштырмалуу 4,7 пайызга көбөйгөн.

Эң көп таралган жана талап кылынган кесиптердин бири - бул мугалимдик кесип, анын көпчүлүгүн мектеп мугалимдери түзүшөт. Педагогикалык курамдын профессионалдык деңгээли өтө жогору. Ошентип, 2018/2019 - окуу жылынын башталышында башталгыч мектептердин мугалимдерининин жалпы санынын (1-4 - класстар) 96 пайыздан ашыгы жогорку жана атайын орто билимге, ал эми орто мектепте (5–11-класстар) 98 пайызы ээ болушкан. Башталгыч жана орто мектептерде 2013/2014 - окуу жылына салыштырмалуу дипломдуу мугалимдердин үлүшү 3,2 пайызга өскөн.

5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢДҮҮЛҮККӨ ЖЕТҮҮ ЖАНА БАРДЫК АЯЛДАРДЫН ЖАНА КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

Жынысы боюнча теңчилик жана басмырлабоо **Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана** «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен** камсыздалат (ТӨМ 5.1.1).

**20-24 жаштагы** аялдар арасында никеге тургандардын




**18 жашка** толо электе турмушка чыгышкан

**Жетекчилик кызматтардагы** аялдардын үлүшү




Кыргызстандын саясий турмушунда аялдардын жигердүү катышуусуна карабастан, **Жогорку Кеңеште аялдардын үлүшүнүн төмөндөгөнү** белгиленүүдө



**5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК**

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢДҮҮЛҮККӨ ЖЕТҮҮ ЖАНА БАРДЫК АЯЛДАРДЫН ЖАНА КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

## 2018-жылы

**15 жаштагы жана андан улуу**

93% 91%

калктын арасында жеке уюлдук телефондору болгон

Коомдук турмушка аялдардын катышуусу өсүп жаткандыгына карабастан,

алар эркектерге караганда

**3 эсе**

көп убакыт коротуп, акы төлөнбөгөн үй жумуштары менен алектенип жатышат

## Жасалган зомбулук фактылары боюнча калкка социалдык психологиялык жардам көрсөткөн КРИЗИСТИК БОРБОРЛОРГО ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРГЕ КАЙРЫЛГАНДАРДЫН САНЫ

никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн ала качуу, жашы жете элек курактагы нике, көп аял алуу

**340**

**133** сексуалдык зомбулук

**95** адамдарды сатуу

**1 526** ажырашуу, мүлк бөлүштүрүү




никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн ала качуу, жашы жете элек курактагы нике, көп аял алуу

**12**

**377** ажырашуу, мүлк бөлүштүрүү

**35** адамдарды сатуу

**896** үй-бүлөдөгү зомбулук

# 5-МАКСАТ. ГЕНДЕРДИК ТЕҢДҮҮЛҮККӨ ЖЕТҮҮ ЖАНА БАРДЫК АЯЛДАРДЫН ЖАНА КЫЗДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ

Миң жылдык Декларациясында түзүлгөн Өнүгүү максаттарынын алкагында гендердик теңчиликти камсыз кылуу жаатында бир катар жетишкендиктер болду (анын ичинде эркек балдар үчүн дагы, кыздар үчүн дагы башталгыч билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк берилген), бирок дүйнө жүзү боюнча аялдар менен кыздар басмырлоодон жана зомбулуктан жапа чегип келишет.

Гендердик теңчилик адамдын негизги укуктарынын бири гана эмес, ошондой эле тынчтык, гүлдөп өнүгүү жана туруктуу өнүгүү үчүн зарыл негиз болуп саналат. Тилекке каршы, айрым маалыматтар боюнча, 15-49 жаштагы ар бир бешинчи аял жана кыз жашоосунда жок дегенде бир жолу физикалык же сексуалдык зомбулукка кабылышат.Дүйнө жүзүнүн 49 мамлекетинде үй-бүлөдөгү зомбулукту кылмыш кылуучу мыйзамдар дагы деле жок. Аялдардын жыныс органдарынын жабыркашына байланыштуу учурлардын саны 30 пайызга төмөндөгөн, бирок дагы көп иш аткарылышы керек.

Аялдарга жана кыздарга билим алууга, медициналык жардамга, татыктуу иштөөгө жана саясий жана экономикалык чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей мүмкүнчүлүктү берүү – бул туруктуу экономикага жетишүүгө, коомго жана жалпы адамзатка пайда алып келет. Гендердик теңчиликти камсыз кылуу жана аялдар менен кыздардын мүмкүнчүлүктөрүн жана укуктарын кеңейтүү үчүн, анын ичинде патриархалдык мамилелердин жана ага байланыштуу социалдык мамилелердин натыйжасы болгон гендердик дискриминациянын терең тамырланган тажрыйбасына каршы күрөшүү максатында ченемдик укуктук базаны чыңдоо үчүн дагы көп күч-аракеттер талап кылынат.

**Милдеттер:**

5.1 Бардык аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун бардык формаларын биргеликте жоюу.

5.2 Коомдук жана жеке чөйрөлөрдө бардык аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бардык формаларын, анын ичинде адам сатууну жана сексуалдык жана башка түрдөгү эксплуатацияны жоюу.

5.3 Балдардын, эрте жана мажбурлаган нике жана аялдардын жыныстык органдарына майып кылуучу операциялар сыяктуу практиканын бардык зыяндуу түрлөрүн жоюу.

5.4 Улуттук шарттарды эске алуу менен, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү, инфраструктураны жана социалдык коргоо тутумун берүү менен жана чарба жүргүзүүдөгү жана үй-бүлөдөгү жалпы жоопкерчилик принцибин колдоо менен, кам көрүү жана үй чарбасын жүргүзүү боюнча иштер боюнча акы төлөнбөөчү эмгекти таануу жана баалоо.

5.5 Аялдардын саясый, экономикалык жана коомдук жашоого чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде лидерлик үчүн ар тараптуу жана реалдуу катышууну жана алар үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо.

5.6 Эл жана өнүктүрүү боюнча эл аралык конференциянын аракеттер программасына, Пекин иш-аракеттер платформасына жана алардын аткарылышын кароо боюнча конференциялардын жыйынтыктоочу документтерине ылайык, сексуалдык жана репродук-

тивдик ден-соолукту коргоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө жана репродуктивдик укуктарды ишке ашырууга карата жалпы жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо.

5.a Улуттук мыйзамдарга ылайык, аялдарга экономикалык ресурстарга тең укуктарды, ошондой эле жерге жана менчиктин башка түрлөрүнө ээлик кылууга жана тескөөгө, финансылык кызмат көрсөтүүлөргө, мурасталган мүлккө жана жаратылыш ресурстарына жетүү мүмкүндүгүн берүү максаттарында реформаларды жүргүзүү.

5.b Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөшүү үчүн жогорку натыйжалуу технологияларды, атап айтканда маалыматтыккоммуникациялык технологияларды активдүү пайдалануу.

5.c Гендердик теңчиликти колдоо жана бардык деңгээлдерде бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максаттарында акылга сыярлык стратегияларды жана аткарылуучу мыйзамдарды кабыл алуу жана өркүндөтүү.

### 5.1.1. Жынысы боюнча теңдикди жана басмырлабоону камсыз кылуу жана жайылтуу үчүн жана бул чөйрөдөгү кырдаалга байкоо жүргүзүү үчүн ченемдик укуктук базанын болушу

Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге ээ, аларды жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр бар, жынысы боюнча эч кимди басмырлоого болбойт (16-берене). Ушул конституциялык ченемдин аткарылышы «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен камсыздалат (2008-жылдын 4-августундагы № 184). 1-беренеге ылайык, «Гендердик басмырлоо (тикелей, кыйыр)» деген термин «жынысы боюнча адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын чектеген ар кандай айырмалоо, өзгөчөлөө же артыкчылык берүү; коомдук турмуштун саясий, экономикалык, маданий, жарандык же ар кандай башка жааттарында эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугун таанууну, пайдаланууну, же жүзөгө ашырууну солгундатууга, же ажыратууга багытталган».

### **5.3.1.** 15 жаштан жана 18 жашка чейин никеге же бирликке турган 20 жаштан 24 жашка чейинки аялдардын үлүшү

| | 2018 | |
|---|---|---|
| | **15 жашка чейин** | **18 жашка чейин** |
| Расмий (эмес) никеге турган аялдардын пайыздык үлүшү | **0,3** | **12,9** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | |
| Шаар конуштары | 0,6 | 8,4 |
| Айыл жергеси | 0,1 | 15,7 |
| ***Билим денгээли боюнча*** | | |
| Мектепке чейинки же жок / Башталгыч | … | … |
| Жалпы негизги | 0,6 | 30,3 |
| Жалпы орто | 0,8 | 21,3 |
| Кесиптик башталгыч / Орто | 0,0 | 6,0 |
| Жогорку | 0,0 | 2,6 |
| ***Функционалдык кыйынчылыктардын болушу (курагы: 18-49 жаш)*** | | |
| Бар | … | … |
| Жок | 0,3 | 12,7 |
| ***Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча*** | | |
| Эң жакыр | 0,0 | 11,8 |
| Экинчи | 0,4 | 19,7 |

| | 2018 | |
|---|---|---|
| | 15 жашка чейин | 18 жашка чейин |
| Орто | 0,0 | 14,4 |
| Төртүнчү | 0,0 | 12,5 |
| Эң бай | 1,1 | 6,4 |
| *Аймак боюнча* | | |
| Баткен облусу | 0,0 | 14,4 |
| Жалал-Абад облусу | 0,0 | 13,6 |
| Ысык-Көл облусу | 0,0 | 11,5 |
| Нарын облусу | 0,0 | 18,4 |
| Ош облусу | 0,0 | 18,3 |
| Талас облусу | (2,8) | (16,5) |
| Чүй облусу | 0,0 | 11,6 |
| Бишкек ш. | 1,0 | 5,3 |
| Ош ш. | 0,0 | 13,2 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

18 жашка чыга электе никеге туруу адам укугунун фундаменталдуу бузулушу болуп саналат. Балдардын никеси көбүнчө кыздын өнүгүүсүнө коркунуч туудурат, ал эрте кош бойлуулукка жана социалдык обочолонууга алып келет, анын билимин алуусун үзүп, мансаптык өсүш жана кесиптик өсүү мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, өнөктөштөрдүн жыныстык зордук-зомбулук коркунучун жогорулатат. Көпчүлүк маданияттарда бойго жеткен кыздар аялдардын жашоосуна байланыштуу гендердик ролдорду аткарышы күтүлөт. Буларга нике бирлигине туруу жана эне болуу кирет.

Эрте / баланын никеси гендердик теңсиздиктин түздөн-түз көрүнүшү. 2018-жылы 20-24 жаштагы никеде/нике бирлигине турган кыз-келиндердин 13 пайызы 18 жашка толо электе эле никеге же нике бирлигине турган.

### **5.5.1.** Парламентте аялдар ээлеген орундардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Парламентте аялдар ээлеген орундардын үлүшү | 23,5 | 21,7 | 21,7 | 15,8 | 16,7 | 15,8 |

*Парламент- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши.*

Бул көрсөткүч аялдардын парламенттик чечимдерге бирдей жетүү деңгээлин өлчөйт. Аялдардын парламенттерге катышуусу аялдардын саясий жана коомдук турмушка катышуу мүмкүнчүлүгүнүн негизги аспектиси, ошондуктан аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен байланыштуу.

Парламенттеги аялдардын кыйла үлүшү саясий күн тартибиндеги жаңы көйгөйлөрдү аныктоого, чечимдерди кабыл алуу жана жаңы мыйзамдарды жана тажрыйбаларды киргизүү жолу менен иш жүзүндө жаңы артыкчылыктуу багыттарды жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет. Аялдардын келечектүү багыттарын жана кызыкчылыктарын эске алуу демократиянын жана гендердик теңчиликтин өбөлгөсү болуп саналат жана сапаттуу башкарууну шарттайт. Өкүл парламент эркектердин жана аялдардын тажрыйбасы коомдун социалдык, саясий жана экономикалык келечегине таасир берүүсүнө мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын мыйзамына ылайык, талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия төмөнкү өкүлчүлүктү эске алууга милдеттүү: бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпоосун, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектешүү айырмасы үч позициядан ашпоосун. Иш жүзүндөгү динамика өлкөнүн парламентиндеги аялдардын үлүшү төмөндөгөнүн көрсөтүп турат.

### 5.5.2. Жетекчилик кызмат орундарындагы аялдардын үлүшү

*(жетекчилердин жалпы санына пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жетекчилик кызмат орундарындагы аялдардын үлүшү | 32,3 | 33,4 | 36,1 | 34,9 | 36,2 | 37,8 |

Бул көрсөткүч жогорку жана орто жетекчилик кызматтардагы аялдардын, анын ичинде мамлекеттик, ири ишканалардагы жана мекемелердеги жетекчи кызматтардагы аялдардын, башкаруучулардын жалпы санындагы үлүшүн чагылдырат. Бул аялдардын саясий жана экономикалык чечимдерди кабыл алуудагы ролу жөнүндө түшүнүк берет (жана бул ролду эркектин ролу менен салыштырууга мүмкүнчүлүк берет).

Ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын (жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн) жетекчилеринин курамына министрлер, губернаторлор, администрация башчылары, президенттер, директорлор (башкы директорлор), ректорлор, начальниктер, жетекчилер, башкаруучулар, төрагалар, командирлер, менеджерлер, чеберлер, башкы бухгалтерлер, башкы диспетчерлер, башкы инженерлер, башкы дарыгерлер, башкы редакторлор ж.б., ошондой эле алардын орун басарлары кирет.

Үй чарбаларынын бюджетин жана жумушчу күчүн интеграциялуу изилдөө маалыматтары боюнча, 2018-жылы жетекчилик кызматтарда иштеген аялдардын үлүшү жалпы жетекчилердин санынын 37,8 пайызын түзгөн жана 2017-жылга салыштырмалуу 1,6 пайыздык пунктка көбөйгөн.

### **5.6.2. 15 жаштан жогору аялдар менен эркектерге жыныстык жана тукум улоого ден-соолугу жана маалымат боюнча кызмат көрсөтүүлөргө толук жана бирдей жеткиликтүүлүктү кепилдик кылган жана бул тармакта билим берген, мыйзамдары жана нормативдик актылары иштеген өлкөлөрдүн саны**

«Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 4-июлундагы № 148 Мыйзамы жарандардын сексуалдык жана репродуктивдик укуктарын адам укуктарынын ажырагыс бөлүгү катары тааныйт, алардын мазмунун ачып берет жана аларды жүзөгө ашыруунун кепилдигин камсыз кылат. Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын сексуалдык жана репродуктивдүү ден-соолугун коргоо жаатында кызматтарды алуу үчүн мамлекеттин кепилдиктерин белгилейт жана укуктук негизди түзөт.

**График 12.** Уюлдук телефону бар адамдардын үлүшү

*(15 жана андан жогорку жаштагы калктын санына карата пайыз менен)*




*УЧИИ маалыматтары боюнча.*

**5.b.1.** Уюлдук телефону бар адамдардын үлүшү

*(15 жана андан жогорку жаштагы калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **91,8** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | |
| Шаар конуштары | 94,9 |
| Айыл жергеси | 89,9 |
| ***Жынысы боюнча*** | |
| Эркектер | 92,8 |
| Аялдар | 91,0 |
| ***Курагы боюнча*** | |
| 0-6 жаштагы балдар | |
| 7-14 жаштагы балдар | |
| Жаштар, 15-28 жаш | 90,9 |
| Эмгекке жарамдуу курактагы чоң адамдар (29 жаштан жогору) | 95,9 |
| Эмгекке жарамдуу жаштан улуу | 78,8 |
| ***Билим деңгээли боюнча*** | |
| Баштапкы жана төмөнкү | 58,1 |
| Жалпы негизги | 84,0 |
| Жалпы орто | 92,8 |
| Кесиптик орто /жалпы | 96,4 |
| Жогорку кесиптик | 98,1 |
| ***Аймак боюнча*** | |
| Баткен облусу | 91,1 |
| Жалал-Абад облусу | 90,6 |
| Ысык-Көл облусу | 92,1 |
| Нарын облусу | 89,4 |
| Ош облусу | 87,6 |
| Талас облусу | 91,5 |
| Чүй облусу | 94,6 |
| Бишкек ш. | 97,0 |
| Ош ш. | 88,3 |

*УЧИИ маалыматтары боюнча.*

Акыркы он жылдын ичинде мобилдик телефондордун тармактары тездик менен жайылды, уюлдук телефондордун катталган эсептеринин саны жер бетинде жашаган адамдардын санына дээрлик барабар. Бирок, бардыгы эле мобилдик уюлдук телефонду колдоно бербейт же ээлик кылбайт. Уюлдук телефонго ээ болуу, айрыкча, гендердик теңчиликти көзөмөлдөө үчүн маанилүү, анткени уюлдук телефон аялдарга белгилүү бир деңгээлде көз карандысыздыкты жана автономияны, анын ичинде кесиптик максаттарды камсыз кылган жеке курал.

2018-жылы Кыргыз Республикасынын 15 жана андан жогорку жаштагы калкынын 92 пайызы жеке уюлдук телефонго ээ болушкан. Ошол эле учурда, уюлдук телефон менен калктын эң чоң үлүшү (98 пайыздан ашык) жогорку кесиптик билимге ээ.

6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ

# СУУ РЕСУРСТАРЫН САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАНА БАРДЫГЫ ҮЧҮН САНИТАРИЯНЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

Калктын **91,8%** ичүүчү суунун коопсуз булактарына туруктуу жеткилиги бар

Калктын **70%** жакыны канализацияга туруктуу жеткилиги жок

Калктын **96,3%** коопсуздук талаптарына ылайык уюштурулган санитардык кызматтарды,

анын ичинде самын жана суу менен кол жуу үчүн түзүлүштөрдү колдонушат.

Дарыялардан, көлдөрдөн жана суу сактагычтардан алынган суунун **95%** сугатка жумшалат

## Ташуу учурунда СУУНУН ЧЫГЫМЫ




Жалпы алынган суу **7758,0** млн м³

Чыгымдар **2085,2** млн м³

# 6 - МАКСАТ. СУУ РЕСУРСТАРЫН САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУНУ ЖАНА БАРДЫГЫ ҮЧҮН САНИТАРИЯНЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Бардыгы үчүн таза жана жеткиликтүү суу - бул биз жашагыбыз келген дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул кыялга жетүү үчүн планетада таза суулардын запасы жетиштүү. Бирок экономиканын начардыгы жана инфраструктуранын начардыгынан улам, жыл сайын миллиондогон адамдар, алардын көпчүлүгү балдар, суу менен жабдуу, санитария жана гигиенанын жетишсиздиги менен байланышкан оорулардан көз жумат.

Суунун тартыштыгы, суунун начар сапаты жана талаптагыдай эмес санитария дүйнө жүзүндөгү жакыр үй-бүлөлөрдүн азык-түлүк коопсуздугуна, жашоо мүмкүнчүлүктөрүнө жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнө терс таасирин тийгизет. Кургакчылык ачкачылыкка жана начар тамактанууга байланыштуу дүйнөдөгү эң жакыр өлкөлөргө таасирин тийгизет. Бүгүнкү күндө дүйнөдө эки миллион адам таза ичүүчү сууга жетиштүү мүмкүнчүлүгү жок жашашат. 2050-жылга карата, планетанын дээрлик ар бир төртүнчү жашоочусу таза суунун өнөкөт же үзгүлтүксүз тартыштыгына туш болгон өлкөдө жашашы мүмкүн.

Абалды жакшыртуу үчүн суу ресурстарын башкарууга, айрыкча өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө инвестиция талап кылынат.

## Милдеттер:

6.1 2030-жылга карата бардык адамдар үчүн коопсуз жана арзан ичүүчү сууга жалпы жана тең укуктуу жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо.

6.2 2030-жылга карата талаптагыдай санитардык-гигиеналык каражаттарга жалпы жана тең укуктуу жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо жана аялдардын жана кыздардын жана аярлуу абалдагы адамдардын керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл буруу менен, ачык дефекацияга чекит коюу.

6.3 2030-жылга карата бүткүл дүйнөдө булганууну азайтуу, калдыктарды таштоону жоюу жана коопту химиялык заттардын жана материалдардын чыгындыларын азайтуу, тазаланбаган агынды суулардын үлүшүн эки эсе кыскартуу жана агынды сууларды рециркуляциялоонун жана коопсуз кайра пайдалануунун масштабдарын жогорулатуу аркылуу суунун сапатын жогорулатуу.

6.4 2030-жылга карата бардык секторлордо суу пайдалануунун натыйжалуулугун олуттуу жогорулатуу жана суунун тартыштыгынын көйгөйүн чечүү жана суунун тартыштыгынан жабыркаган адамдардын санын кыскартуу үчүн тузсуз сууну туруктуу топтоону жана берүүнү камсыздоо.

6.5 2030-жылга карата бардык деңгээлдерде суу ресурстарын комплекстүү башкарууну, анын ичинде, зарыл болгондо, чек аралар аралык кызматташтыктын негизинде камсыздоо.

6.6 2020-жылга карата суу менен байланыштуу экотутумду, анын ичинде тоолорду, токойлорду, суу-саз жерлерди, дарыяларды, суулуу катмарларды жана көлдөрдү коргоону жана калыбына келтирүүнү камсыздоо.

6.a 2030-жылга карата суу менен камсыздоо жана санитария, үстүңкү агымды топтоо, сууну тузсуздандыруу, суу пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, агынды сууларды тазалоо, рециркуляциялоо жана кайра пайдалануу технологияларын колдонуу жаатын-

да ишмердикти жана программаларды ишке ашырууда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн дараметин чыңдоо ишинде эл аралык кызматташтыкты жана колдоону кеңейтүү.

6.b Жергиликтүү жамааттардын суу чарбасын жана санитарияны жакшыртууга катышуусун колдоо жана чыңдоо.

**6.1.1.** Коопсуздук талаптарына ылайык уюштурулган суу менен жабдуу кызматтарын пайдаланган калктын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **88,9** | **89,1** | **89,9** | **91,1** | **91,8** |
| Баткен облусу | 74,3 | 73,3 | 74,1 | 79,0 | 83,6 |
| Жалал-Абад облусу | 89,5 | 87,7 | 87,3 | 91,2 | 86,4 |
| Ысык-Көл облусу | 96,8 | 96,4 | 97,3 | 97,0 | 96,0 |
| Нарын облусу | 84,4 | 90,3 | 95,9 | 95,8 | 96,3 |
| Ош облусу | 72,9 | 74,5 | 76,4 | 77,3 | 83,2 |
| Талас облусу | 99,7 | 99,2 | 100,0 | 99,4 | 99,4 |
| Чүй облусу | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Бишкек ш. | 99,8 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Ош ш. | 96,5 | 96,7 | 96,6 | 95,7 | 96,5 |

Коопсуз ичүүчү суу менен жабдуу инфраструктурасын пайдаланган калктын үлүшү ичүүчү суунун жакшыртылган негизги булактарын пайдаланган, имарат ичинде жана эркин жеткиликтүүлүктө фекалдык (өзгөчө химиялык) булгоочу заттары жок болгон калктын бөлүгү катары өлчөнөт. "Жакшыртылган" булактар ошондой эле Миң жылдыктын Максаттарына ылайык аныкталат, атап айтканда: үйгө же жерге чейин суу түтүктөрдүн болушу; коомдук агын суулардын же суу аккыч түтүктөрдүн болушу; тешиктердин же түтүкчө кудуктардын болушу; корголуучу кудуктар; корголуучу булактар жана жамгыр суусу.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети өткөргөн үй чарбаларынын жылдык интеграциялуу тандоо сурамжылоосунун жыйынтыгы боюнча, 2018-жылы калктын 92 пайызы жакшыртылган ичүүчү суу булактарына ээ болушкан. Эгерде сууга карата жеткиликтүүлүктү региондор боюнча карасак, анда Чүй облусунун жана Бишкек шаарынын калкы сууга дээрлик толук мүмкүнчүлүктөрү бар.

**6.2.1.** Санитариялык, самын жана суу менен колду жуучу түзүлүштөрдүн коопсуздук талаптарын сактоо менен уюштурулган, кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган калктын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **96,3** |
| *Жашаган жери боюнча* | |
| Шаар конуштары | 96,1 |
| Айыл жергеси | 96,5 |
| *Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча* | |
| Эң жакыр | 97,2 |
| Экинчи | 95,9 |
| Орто | 96,5 |
| Төртүнчү | 96,4 |
| Эң бай | 95,7 |
| *Үй чарбасынын башчысынын билим деңгээли боюнча* | |
| Мектеп чейинки / Баштапкы | 92,1 |

| | 2018 |
|---|---|
| Жалпы негизги | 94,7 |
| Жалпы орто | 97,4 |
| Орто кесиптик | 96,6 |
| Жогорку | 95,1 |
| ***Аймак боюнча*** | |
| Баткен облусу | 99,6 |
| Жалал-Абад облусу | 93,4 |
| Ысык-Көл облусу | 99,1 |
| Нарын облусу | 99,4 |
| Ош облусу | 99,1 |
| Талас облусу | 99,8 |
| Чүй облусу | 91,6 |
| Бишкек ш. | 95,7 |
| Ош ш. | 96,8 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

Коопсуз сууга жана санитарияга жетүү жана таза суу экосистемаларын сарамжалдуу пайдалануу адамдын ден-соолугуна, экологиялык туруктуулукка жана экономикалык өсүшкө шарт түзөт.

Коопсуздук талаптарына ылайык уюштурулган санитардык кызматтарга кол үчүн самын жана колду жуучу түзүлүштөр, канализация тутумуна туташкан ажатканалар, септик, казылган чуңкурлар, желдетилип казылган чункурлар, жабык чуңкурлар, компостирленген ажатканалар жана үй чарбалары бул негизги жабдууларды башкалар менен бөлүшүшпөйт, ал эми үй чарбалары жана эксперименттер коопсуз алынып салынат же жайдан тышкары жерде иштетилет.

Калктын 96 пайыздан көбү коопсуздук талаптарына жооп берген санитардык кызматтарды, анын ичинде колду самын жана суу менен жууп-тазалоо кызматтарын колдонушат.

### 6.2.1.1. Санитардык курулмаларга туруктуу мүмкүнчүлүгү бар калктын үлүшү
*(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **26,4** | **28,1** | **28,6** | **30,2** | **31,3** | **31,5** |
| Баткен облусу | 3,2 | 5,2 | 6,7 | 6,3 | 12,0 | 9,1 |
| Жалал-Абад облусу | 9,4 | 5,6 | 5,6 | 8,3 | 14,4 | 9,0 |
| Ысык-Көл облусу | 13,2 | 24,2 | 27,1 | 30,0 | 38,7 | 41,4 |
| Нарын облусу | 5,3 | 14,2 | 13,7 | 17,0 | 17,8 | 20,4 |
| Ош облусу | 9,1[9] | 0,7 | 0,5 | 0,4 | 0,0 | 0,5 |
| Талас облусу | 3,7 | 5,5 | 6,5 | 6,5 | 6,1 | 6,0 |
| Чүй облусу | 48,7 | 49,2 | 48,7 | 51,0 | 48,9 | 56,8 |
| Бишкек ш. | 84,9 | 99,4 | 98,6 | 99,7 | 97,4 | 96,5 |
| Ош ш. | ... | 27,9 | 28,2 | 29,5 | 25,4 | 25,5 |

*ҮЧИИ маалыматтары боюнча.*

ҮЧИИ маалыматтарына ылайык, өлкөнүн калкынын 31,5 пайызы суу кетирүүчү борборлоштурулган (канализация) тутумун камтыган, тийиштүү санитардык курулмаларына ээ.

[9] (анын ичинде Ош ш.)

### **6.3.1.** Коопсуз тазаланган агып чыкма суулардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| Агымдын жалпы көлөмүндөгү ченемдик-тазаланган суулардын үлүшү | 94,8 | 94,6 | 93,5 | 93,9 | 95,1 |

*АЧТАӨЖжММ маалыматтары боюнча.*

Кыргыз Республикасында чогулган агып чыкма суулардын 95 пайыздан көбү стандарттуу тазалоодон өтөт, ал биологиялык, физика-химиялык жана механикалык тазалоону камтыйт.

### **6.4.1.2.** Аймак боюнча ташуу учурунда суу чыгымдары

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| *Млн. куб.метр* | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 2 029,80 | 2 092,30 | 1 841,60 | 2 128,30 | 2 085,20 |
| Баткен облусу | 4,3 | 114,7 | 114,5 | 105,8 | 101,1 |
| Жалал-Абад облусу | 350,0 | 208,1 | 200,6 | 214,7 | 186,3 |
| Ысык-Көл облусу | 198,9 | 157,8 | 165,3 | 184,9 | 193,6 |
| Нарын облусу | 197,1 | 189,2 | 182,0 | 186,8 | 194,3 |
| Ош облусу | 232,6 | 232,6 | 246,6 | 299,4 | 292,4 |
| Талас облусу | 257,8 | 309,7 | 294,0 | 300,7 | 299,1 |
| Чүй облусу | 764,2 | 856,3 | 614,8 | 804,6 | 786,3 |
| Бишкек ш. | 24,9 | 23,9 | 23,8 | 24,6 | 25,3 |
| Ош ш. | ... | ... | ... | 6,8 | 6,8 |
| *Суунун жалпы көлөмүн алууга карата пайыз менен* | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 26,5 | 27,6 | 25,1 | 27,8 | 26,9 |
| Баткен облусу | 0,7 | 17,8 | 17,7 | 16,7 | 15,6 |
| Жалал-Абад облусу | 44,8 | 21,1 | 21,1 | 22,9 | 20,1 |
| Ысык-Көл облусу | 31,6 | 27,3 | 31,5 | 29,6 | 31,2 |
| Нарын облусу | 32,4 | 30,5 | 29,9 | 30,4 | 30,3 |
| Ош облусу | 20,5 | 19,5 | 21,9 | 25,3 | 25,6 |
| Талас облусу | 29,2 | 30,6 | 31,1 | 30,3 | 31,1 |
| Чүй облусу | 27,0 | 36,2 | 26,0 | 32,2 | 29,9 |
| Бишкек ш. | 21,0 | 21,0 | 21,0 | 20,9 | 20,8 |
| Ош ш. | ... | ... | ... | 12,0 | 12,0 |

*АЧТАӨЖжММ маалыматтары боюнча.*

Белгилей кетүүчү нерсе, жерлерде чарбалык арыктардын көп болушу менен шартталган фильтирлөө жоготууларынан улам, 2018-жылы ташылып келүүдө суунун 27 пайызы жоголуп кеткен.

## ИШЕНИЧТҮҮ, АРЗАН, ТУРУКТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНА БОЛГОН ЖАЛПЫ ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

### КЫРГЫЗСТАНДЫН ДЭЭРЛИК БАРДЫК КАЛКЫ

электр тармактарына туташкан, ал эми анын

**76%** гана

электр энергиясына туруктуу жеткилиги бар





### КАЛКТЫН БЕШТЕН БИР ГАНА БӨЛҮГҮ

негизинен тамак-аш даярдоо жана жылытуу үчүн отундун таза түрлөрүн жана технологияларды колдонгон үй чарбаларда жашайт

### 2018-ЖЫЛЫ КАЙРА ЖАРАЛУУЧУ БУЛАКТАРДАН ЭНЕРГИЯНЫН ҮЛҮШҮ

энергияны керектөөнүн жалпы көлөмүндө



**33,9%** түзгөн

Шарттуу отун тонна менен 1 млн.сомго алганда

### УЧУРДАГЫ РЫНОКТУК БААЛАРДА ИДПНЫН ЭНЕРГИЯ СЫЙЫМДУУЛУГУ



# 7 – МАКСАТ. ИШЕНИЧТҮҮ, АРЗАН, ТУРУКТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНА БОЛГОН ЖАЛПЫ ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү туш болгон бардык кыйынчылыктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн борборунда энергия турат. Жумуш орундары, коопсуздук, климаттын өзгөрүшү, тамак-аш өндүрүү же кирешенин өсүшү болобу, бардыгы үчүн энергияга жетүү бул аныктоочу фактор болуп саналат. Туруктуу энергетика экономиканы чыңдоо, экосистемаларды коргоо жана акыйкаттыкка жетишүү үчүн керек.

Бардыгына энергиянын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу жана энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү үчүн, туруктуу энергия менен камсыздоодо жетишкендиктерге жетишилген жок. Айрым жакшыртуулар каржылоону жана олуттуу саясий милдеттенмелерди талап кылат, ал эми өлкөлөр жаңы технологияларды кеңири масштабда колдонууга даяр болушу керек.

**Милдеттер:**

7.1 2030-жылга карата арзан, ишенимдүү жана заманбап энергия менен камсыздоого жалпы жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо.

7.2 2030-жылга карата дүйнөлүк энергетикалык баланста кайра жаралуучу булактардан энергиянын үлүшүн кыйла көбөйтүү.

7.3 2030-жылга карата энергиялык майнаптуулукту жогорулатуунун глобалдык көрсөткүчүн эки эсе көбөйтүү.

7.а 2030-жылга карата экологиялык таза энергетика, анын ичинде кайра жаралуучу энергетика, энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу жана казылып алынуучу отунду пайдалануунун алдыңкы жана таза технологиялары жаатындагы изилдөөлөргө жана технологияларга жетүү мүмкүндүгүн жеңилдетүү максаттарында эл аралык кызматташтыкты активдештирүү жана энергетикалык инфраструктурага жана экологиялык таза энергетика технологияларына инвестицияларды колдоо.

7.b 2030-жылга карата бардык өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, өзгөчө азыраак өнүккөн өлкөлөрдө, өнүгүп келе жаткан майда арал мамлекеттерде жана деңизге чыга албаган өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө алардын тиешелүү колдоо программаларын эске алуу менен, заманбап жана туруктуу энергия менен камсыздоо үчүн инфраструктураны кеңейтүү жана технологияларды модернизациялоо.

**13–график.** Электр энергияны алууга мүмкүндүгү бар калктын үлүшү *(пайыз менен)*



**7.1.1.** Электр энергияны алууга мүмкүндүгү бар калктын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **76,7** | **79,6** | **75,7** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | | |
| Шаар конуштары | 86,9 | 88,4 | 88,6 |
| Айыл жергеси | 71,1 | 74,8 | 68,7 |
| ***Жынысы боюнча*** | | | |
| Эркектер | 76,1 | 79,2 | 74,7 |
| Аялдар | 77,2 | 80,0 | 76,6 |
| ***Курагы боюнча*** | | | |
| 0-6 жаштагы балдар | 75,9 | 77,9 | 75,3 |
| 7-14 жаштагы балдар | 76,3 | 78,4 | 75,8 |
| Жаштар, 15-28 жаш | 77,1 | 81,3 | 74,3 |
| Эмгекке жарамдуу куравктагы чоң адамдар (29 жаштан жогору) | 76,8 | 79,6 | 76,5 |
| Эмгекке жарамдуу жаштан улуу | 76,8 | 80,9 | 75,8 |
| ***Билим деңгээли боюнча*** | | | |
| Баштапкы жана төмөнкү | 75,2 | 78,3 | 75,1 |
| Жалпы негизги | 80,2 | 79,0 | 76,5 |
| Жалпы орто | 75,0 | 78,4 | 72,1 |
| Кесиптик орто /жалпы | 78,4 | 83,9 | 80,2 |
| Жогорку кесиптик | 79,9 | 83,9 | 82,1 |
| ***Аймак боюнча*** | | | |
| Баткен облусу | 75,8 | 70,8 | 71,8 |
| Жалал-Абад облусу | 76,7 | 74,4 | 64,4 |
| Ысык-Көл облусу | 47,3 | 57,5 | 67,0 |
| Нарын облусу | 77,4 | 79,3 | 79,0 |
| Ош облусу | 74,6 | 79,0 | 66,6 |
| Талас облусу | 73,7 | 74,1 | 54,0 |
| Чүй облусу | 72,3 | 82,9 | 88,4 |
| Бишкек ш. | 92,0 | 95,1 | 93,9 |
| Ош ш. | 100,0 | 99,4 | 100,0 |

*УЧИИ маалыматтары боюнча.*

Электр энергиясына жетүү мүмкүнчүлүгү туруктуу өнүгүүнүн бардык аспектилеринде маанилүү маселелерди чечет. Максат үй шартында киреше алып келүүчү иш-чараларды өнүктүрүүгө көмөктөшүү жана үй чарбаларынын жүгүн жеңилдетүүнү камтыган кеңири социалдык жана экономикалык натыйжаларды камтыйт.

Үй чарбасындагы электр тармактарына туташуу, бул берилген энергиянын сапатына жана ишенимдүүлүгүнө же баасы боюнча жеткиликтүү болуусуна кепилдик бербейт.

Кыргызстандын калкынын негизги үлүшү электр тармактарына туташат, ал эми анын дээрлик 76 пайызы гана электр энергиясына жетүүгө туруктуу мүмкүнчүлүк алат. Электр энергиясына туруктуу жетүү - бул электр энергиясын үзгүлтүксүз берүү (жылына бир нече жолу өчүрүүнүн жол берилгендиги).

**7.1.2.** Негизинен отундун таза түрлөрүн жана технологияларын пайдаланган калктын үлүшү
*(пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| **Бардыгы** | **19,2** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | |
| Шаар конуштары | 47,5 |
| Айыл жергеси | 3,2 |
| ***Үй чарбасынын башчысынын билим деңгээли боюнча*** | |
| Мектепке чейинки же жок / Башталгыч | 6,8 |
| Жалпы негизги | 10,5 |
| Жалпы орто | 11,4 |
| Кесиптик башталгыч / Орто | 19,7 |
| Жогорку | 38,9 |
| ***Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча*** | |
| Эң жакыр | 1,0 |
| Экинчи | 2,6 |
| Орто | 6,1 |
| Төртүнчү | 9,3 |
| Эң бай | 76,9 |
| ***Аймак боюнча*** | |
| Баткен облусу | 2,8 |
| Жалал-Абад облусу | 15,9 |
| Ысык-Көл облусу | 13,6 |
| Нарын облусу | 7,1 |
| Ош облусу | 1,3 |
| Талас облусу | 8,8 |
| Чүй облусу | 11,1 |
| Бишкек ш. | 59,9 |
| Ош ш. | 32,1 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

Имараттарда абанын сапаты боюнча колдонмо принциптер: үйдө шартында күйүү адамдардын ден-соолугун туура сактоо үчүн отунга жана технологияга көңүл буруунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул көрсөтмөлөрдө, үйдөгү отун менен технологиянын айкалышы (плита, лампа ж.б.) таза энергия менен байланышкан максаттуу формасы боюнча техникалык сунуштар берилген. Ошондой эле бул сунуштар иштетилбеген чийки көмүрдү жана үй шартында керосинди (катуу эмес, бирок булгоочу күйүүчү отун) колдонбоону сунуштайт. Ошондой эле алар үй чарбасынын бардык негизги энергиялары (тамак-аш жасоо, жайларды жылытуу, жарык берүү) ден-соолукка пайдалуу отундарды жана технологиялардын айкалышын пайдаланышын сунушташат. Ушул себептен, ДСУнун көрсөтмөлөрүндөгү техникалык сунуштарга ылайык, үй шартында тамак бышыруунун заманбап чечимине жетүү «таза отунга жана технологияларга жетүү» катары аныкталат.

Өлкө калкынын бештен бир бөлүгү гана тамак-аш жана жылытуу үчүн таза отунду жана технологияларды колдонгон үй чарбаларында жашашат.

### 7.2.1.1. Энергия керектөөсүнүн жалпы көлөмүндө энергияны кайра жаратуучу булактардын үлүшү

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Энергия керектөөсүнүн жалпы көлөмүндө энергияны кайра жаратуучу булактардын үлүшү, пайыз менен | 38,7 | 36,7 | 30,6 | 31,6 | 36,5 | 33,9 |
| Суу электр чордондору тарабынан электр энергиясын өндүрүү, млн. кВт. С | 11 254,7 | 13 297,6 | 11 092,7 | 11 497,8 | 14 191,2 | 14 318,3 |

Энергияны кайра жаратуучу булактарды пайдалануу боюнча технологиялар дүйнө жүзү боюнча экономиканы жашылдандыруу жана климаттын өзгөрүүсүнүн эң маанилүү глобалдык көйгөйүн чечүү стратегиясынын негизги элементтеринин бири болуп саналат. Энергияны калыбына келтирүүчү булактарга бир катар аныктамалар бар; берилген энергиянын бардык түрлөрү, алардын керектелишине карабастан, келечекте жеткиликтүү болот. Буларга күн энергиясы, шамал, океан, гидроэнергетика, геотермалдык ресурстар жана биоэнергия кирет (эгерде биоэнергия түгөнүп калса, биоэнергия булактарын кыска жана орто мөөнөттө алмаштырса болот). Бул көрсөткүч ар дайым толук колдонула бербеген калыбына келтирилүүчү энергияны өндүрүү кубаттуулугуна эмес, иш жүзүндө керектелүүчү энергиянын көлөмүнө багытталгандыгын белгилей кетүү керек.

Кайра калыбына келүүчү энергия керектөөсүнө гидроэнергетикадан, катуу биоотундан, шамалдан, күндөн, суюк биоотундан, биогаздан, геотермалдык жана башка булактардан алынган энергияны керектөө кирет.

Энергиянын жалпы керектелишинде калыбына келтирүүчү булактардан алынган энергия үлүшү 2010-жылдагы 38,7 пайыздан 2018-жылы 33,9 пайызга чейин төмөндөгөн, бул энергиянын керектөөнүн өсүшү менен шартталган. 2018-жылы суу электр чордондору тарабынан 14,3 млрд кВт-саат электр энергиясы өндүрүлдү, бул 2010-жылга караганда 27,2 пайызга көп.

### 7.3.1.1. Учурдагы рыноктук бааларда ИДПнын энергия сыйымдуулугу

*(1 млн. сомго шарттуу отун тонна)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПнын учурдагы рыноктук баалардагы энергия сыйымдуулугу | 45,5 | 26,1 | 26,7 | 22,0 | 25,3 | 25,5 |

Энергия сыйымдуулугунун көрсөткүчү энергияны керектөө менен экономикалык өнүгүүнүн ортосундагы жалпы байланышты билдирет жана энергияны керектөөнү баалоо үчүн негизди камсыз кылат. ИДПнын энергия сыйымдуулугунун төмөндөө темпи энергияны үнөмдөө боюнча мамлекеттик саясаттын натыйжалуу экендигин көрсөтүп турат. Айрым тармактар боюнча ИДПнын энергия сыйымдуулугунун көрсөткүчтөрү тармактын туруктуу өнүгүү көрсөткүчтөрүн жана энергияны керектөө менен экономиканын ушул тармагынын экономикалык өнүгүүсүнүн ортосундагы жалпы мамилени мүнөздөйт.

### 7.3.1.2. ИДПнын электр сыйымдуулугу

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПнын электр сыйымдуулугу (кВтс. /млн. сом) | 47,7 | 36,9 | 31,5 | 27,9 | 26,9 | 26,3 |

ИДПнын электр сыйымдуулугу өлкөдө электр энергиясын керектөөнүн натыйжалуулугунун көрсөткүчү болуп саналат. Электр сыйымдуулугунун көрсөткүчү электр энергиясын керектөө менен республиканын экономикалык өнүгүүсүнүн ортосундагы жалпы байланышты билдирет. Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн электр энергиясынын 90 пайыздан ашыгы суу энергиясын колдонуучу гидроэлектростанцияларында өндүрүлөт жана экономикалык өсүштүн натыйжасында минималдуу.

# ТУРУКТУУ, АР ТАРАПТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШКӨ, БАРДЫГЫ ҮЧҮН ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

жумушсуздуктун деңгээли **6,2%**

## ЖУМУШТУУ КАЛКТЫН ЖАЛПЫ САНЫНАН



**70,8%** формалдуу эмес сектордо иштегендер

15-24 жаштагы жаштардын




иштебейт, окубайт жана кесиптик көндүмдөргө ээ эмес

Аялдардын ЭМГЕК АКЫСЫНЫН эркектердин эмгек акысына карата КАТЫШЫ **71,6%**

15 жаштан 24 жашка чейинки, иштебеген, окубаган жана кесиптик жөндөмдөргө ээ болбогон

## АЯЛДАРДЫН ҮЛҮШҮ




эркектердин үлүшүнөн

**2,5 эсеге көп**

Коомдук турмушка аялдардын катышуусу өсүп жаткандыгына карабастан, алар эркектерге караганда

**3 эсе**

көп убакыт коротуп, акы төлөнбөгөн үй жумуштары менен алектенип жатышат

# 8 - МАКСАТ. ТУРУКТУУ, АР ТАРАПТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШКӨ, БАРДЫГЫ ҮЧҮН ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ӨНДҮРҮШТҮК ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ

Дүйнөдөгү калктын болжол менен жарымы күнүнө болжол менен 2 долларга барабар суммада жашашат. Жумушсуздуктун деңгээли 5,7 пайызды түзөт. Көп жерлерде жумуш табуу жакырчылыктан арылуунун кепилдиги эмес. Максатка карай мындай жай жана бир калыпта эмес кыймыл бизди жакырчылыкты жоюуга багытталган социалдык-экономикалык саясатты кайрадан карап чыгууга жана кайра куруууга мажбур кылат.

Жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, инвестициянын жана керектөөнүн жоктугу бардык демократиялык коомдордун негизи болгон жана прогрессте жалпы катышууну болжолдогон негизги социалдык келишимдин бузулушуна алып келет. Дээрлик бардык экономикалар үчүн сапаттуу жумушчу орундарды түзүү узак убакытка чейин көйгөй бойдон калууда, ал эми өнүккөн өлкөлөрдө ички дүң өнүмүнүн жылына кеминде 7 пайыз өсүш деңгээлине жетишүү олуттуу чараларды талап кылат.

Туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн, коомдор курчап турган чөйрөгө зыян келтирбестен экономиканын өнүгүүсүнө түрткү берүүчү, адамдардын сапаттуу иштеши үчүн шарттарды түзүшү керек. Бул үчүн, бардык эмгекке жарамдуу адамдарга жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жана татыктуу эмгек шарттарды камсыз кылуу керек. Туруктуу жана бардыгын камтыган экономикалык өсүштүн маанилүү компоненттери болуп эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, айрыкча жаштар арасында жумушсуздуктун денгээлин кыскартуу жана каржылык кызмат көрсөтүүлөргө жана жеңилдиктерге жетүү мүмкүнчүлүктөрүн кенейтүү саналат.

**Милдеттер:**

8.1 Улуттук шарттарга ылайык калктын жан башына карата экономикалык өсүштү жана атап айтканда азыраак өнүккөн өлкөлөрдө жылына 7 пайыздан кем эмес деңгээлде ички дүң продуктунун өсүшүн колдоо.

8.2 Диверсификациялоо, техникалык модернизациялоо жана инновациялык ишмердик аркылуу, анын ичинде жогорку кошумча наркы бар секторлорго жана эмгек сыйымдуу секторлорго өзгөчө көңүл буруу жолу менен экономика өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга жетишүү.

8.3 Өндүрүмдүү ишмердикке, татыктуу жумушчу орундарын түзүүгө, ишкердикке, чыгармачылыкка жана инновациялык ишмердикке шарт түзгөн өнүктүрүүгө багытталган саясатты өткөрүүгө көмөктөшүү жана микро-, чакан жана орто ишканаларды расмий таанууну жана өнүктүрүүнү, анын ичинде аларга финансы кызматтарына жетүү мүмкүндүгүн берүү менен колдоо.

8.4 2030-жылдын акырына чейинки мөөнөт аралыгында акырындык менен керектөө жана өндүрүү тутумдарында ресурстарды пайдалануунун глобалдык натыйжалуулугун жогорулатуу жана керектөөнүн жана өндүрүүнүн сарамжалдуу моделдерин пайдаланууга өтүү боюнча Он жылдык аракеттер стратегиясында каралгандай, экономикалык өсүш курчап турган чөйрөнүн абалынын начарлашы менен коштолбоосуна умтулуу, муну менен биринчи кезекте өнүккөн өлкөлөр алектениши керек.

8.5 2030-жылга карата бардык аялдар жана эркектер, анын ичинде жаштар жана майыптар үчүн толук жана өндүрүмдүү жумуштуулукту жана татыктуу жумушту жана тең баадагы эмгек үчүн тең акыны камсыздоо.

8.6 2020-жылга карата иштебеген, окубаган жана кесиптик көндүмдөрдү албаган жаштардын үлүшүн кыйла кыскартуу.

8.7 Мажбурлаган эмгекти жок кылуу, заманбап кулчулукту жана адам сатууну токтотуу жана балдар эмгегинин эң начар формаларына, анын ичинде балдарды жоокер катары пайдаланууга тыюу салууну жана жоюуну камсыздоо үчүн шашылыш жана натыйжалуу чараларды көрүү, ал эми 2025-жылга карата бардык түрдөгү балдар эмгегин жок кылуу.

8.8 Эмгек укуктарын коргоо жана бардык эмгекчилер, анын ичинде мигрантэмгекчилер, өзгөчө аял-мигранттар жана туруктуу жумуштуулукка ээ болбогон адамдар үчүн ишенимдүү жана коопсуз иштөө шарттарын камсыздоого көмөктөшүү.

8.9 2030-жылга карата жумушчу орундарын түзүүгө, жергиликтүү маданиятты өнүктүрүүгө жана жергиликтүү продукцияны өндүрүүгө шарт түзө турган туруктуу туризмди колдоо стратегияларын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камсыздоо.

8.10 Бардык адамдар үчүн банк, камсыздандыруу жана финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү мүмкүндүгүн колдоо жана кеңейтүү жаатында улуттук финансы мекемелеринин жөндөмдүүлүгүн чыңдоо.

8.a «Соодага жардам» демилгесинин алкагында көрсөтүүлүүчү өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү, анын ичинде азыраак өнүккөн өлкөлөрдү колдоону, анын ичинде азыраак өнүккөн өлкөлөргө соода жаатында техникалык жардам көрсөтүү үчүн Кеңири комплекстүү алкактык программа линиясы боюнча колдоону жогорулатуу.

8.b 2020-жылга карата жаштардын жумуштуулугун камсыздоонун глобалдык стратегиясын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү жана Эл аралык эмгек уюмунун Жумушчу орундары жөнүндө глобалдык пактыны ишке ашыруу.

### **8.1.1.** Калктын киши башына карата реалдуу ИДПнын жылдык өсүү (төмөндөө) темпи *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын киши башына карата реалдуу ИДПнын жылдык өсүү (төмөндөө) темпи | -1,8 | 1,8 | 1,7 | 2,1 | 2,6 | 1,7 |

Калктын киши башына ИДП- бул белгилүү бир мезгил аралыгында өндүрүлгөн, бир адамга туура келген ички дүң продуктунун номиналдык көлөмү, бул калктын жашоо деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.

Калктын киши башына ИДП мамлекеттин экономикалык өнүгүү деңгээлин аныктоочу эң маанилүү мүнөздөмөлөрдүн бири, анткени ал калктын санынын негизинде өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн баалоого мүмкүндүк берет.

Бул көрсөткүчтүн көбөйүшү калктын жашоо деңгээли өскөнүн көрсөтөт, ошондуктан социалдык мааниге ээ.

### **8.2.1.** Бир иштеген адамга карата реалдуу ИДПнын жылдык өсүү темпи *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бир жумушчуга реалдуу ИДПнын жылдык өсүү темпи (эмгек өндүрүмдүүлүгү) | 98,4 | 101,4 | 101,8 | 105,7 | 105,4 | 103,6 |

Өлкөдөгү экономикалык өсүш жумушсуздуктун көбөйүшү же иштегендердин натыйжалуу иштеши менен байланыштырууга болот.

Эмгек өндүрүмдүүлүгү- эмгек натыйжалуулугун өлчөөчү көрсөткүч жана өндүрүш көлөмүнүн жана ресурстардын чыгымдарынын катышын чагылдырат.

Бул көрсөткүч чоң экономикалык мааниге ээ, анткени ал экономиканын иштешинин натыйжалуулугун көрсөтөт. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн көбөйүшү технологиялык прогресстин активдештирүүсүнө байланыштуу болушу мүмкүн, башкача айтканда, жаңы жабдууларды жана технологияларды колдонуу, иштеп жаткан жабдууларды жакшыртуу жана модернизациялоо ж.б. Ошондой эле, экономикада эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү учурдагы кубаттуулуктарды натыйжалуу пайдалануу же өндүрүштү диверсификациялоо дегенди түшүндүрөт.

**14–график.** Жалпы жумушсуздуктун жыныс боюнча деңгээли *(пайыз менен)*




**8.5.2.** Жалпы жумушсуздуктун жынысы, аймагы жана курактык топтору боюнча деңгээли *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздуктун жалпы деңгээли | 8,6 | 8,0 | 7,6 | 7,2 | 6,9 | 6,2 |
| *Жынысы боюнча* | | | | | | |
| Аялдар | 9,9 | 9,5 | 9,0 | 8,7 | 8,9 | 6,9 |
| Эркектер | 7,7 | 7,0 | 6,5 | 6,2 | 5,6 | 5,7 |
| *Курактык топтор боюнча* | | | | | | |
| 15-19 жаш | 19,1 | 17,7 | 17,3 | 19,9 | 18,3 | 13,9 |
| 20-29 жаш | 12,4 | 10,2 | 10,5 | 10,4 | 10,2 | 9,5 |
| 30-39 жаш | 6,2 | 6,7 | 6,2 | 5,9 | 5,4 | 4,6 |
| 40-49 жаш | 5,9 | 6,7 | 5,8 | 5,3 | 5,3 | 4,3 |
| 50-59 жаш | 4,8 | 5,1 | 4,2 | 3,5 | 3,8 | 4,2 |
| 60-69 жаш | 2,3 | 2,6 | 2,8 | 1,3 | 1,6 | 2,7 |
| 70 жаш жана андан улуу | 0,6 | 2,8 | 1,4 | 0,9 | 0,3 | … |
| *Аймак боюнча* | | | | | | |
| Баткен облусу | 10,6 | 12,6 | 10,9 | 10,2 | 9,9 | 9,0 |
| Аялдар | 15,8 | 18,7 | 16,5 | 15,3 | 16,0 | 12,2 |
| Эркектер | 7,2 | 9,6 | 7,6 | 7,1 | 6,3 | 7,3 |
| Жалал-Абад облусу | 7,8 | 7,6 | 7,7 | 7,5 | 7,2 | 6,2 |
| Аялдар | 8,9 | 10,0 | 9,9 | 10,3 | 10,5 | 9,1 |
| Эркектер | 7,1 | 6,0 | 6,1 | 5,8 | 5,3 | 4,7 |

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл облусу | 10,2 | 9,3 | 9,1 | 8,9 | 8,7 | 8,4 |
| Аялдар | 10,1 | 10,1 | 9,6 | 8,5 | 8,0 | 4,9 |
| Эркектер | 10,3 | 8,7 | 8,7 | 9,1 | 9,0 | 10,2 |
| Нарын облусу | 10,3 | 9,7 | 9,3 | 9,0 | 8,8 | 8,8 |
| Аялдар | 14,7 | 15,4 | 13,7 | 14,6 | 12,3 | 15,0 |
| Эркектер | 8,2 | 7,4 | 7,6 | 6,6 | 7,1 | 6,2 |
| Ош облусу | 6,6[10] | 6,6 | 6,0 | 5,5 | 5,1 | 4,2 |
| Аялдар | 7,8 | 7,3 | 7,7 | 7,1 | 7,7 | 6,6 |
| Эркектер | 5,9 | 6,0 | 4,8 | 4,4 | 3,5 | 2,7 |
| Талас облусу | 5,1 | 3,9 | 3,3 | 2,8 | 2,5 | 2,5 |
| Аялдар | 5,2 | 6,5 | 5,6 | 5,0 | 4,6 | 3,6 |
| Эркектер | 4,9 | 1,7 | 1,3 | 1,2 | 0,9 | 1,7 |
| Чүй облусу | 10,2 | 8,9 | 8,6 | 8,4 | 8,1 | 7,3 |
| Аялдар | 11,4 | 9,6 | 8,2 | 8,9 | 9,1 | 7,4 |
| Эркектер | 9,3 | 8,4 | 8,9 | 8,0 | 7,4 | 7,3 |
| Бишкек ш. | 10,0 | 8,9 | 8,1 | 7,7 | 7,3 | 6,7 |
| Аялдар | 10,6 | 9,5 | 8,4 | 7,6 | 7,9 | 5,0 |
| Эркектер | 9,5 | 8,4 | 7,7 | 7,8 | 6,7 | 8,2 |
| Ош ш. | … | 4,2 | 3,9 | 3,6 | 3,5 | 3,0 |
| Аялдар | … | 5,2 | 5,6 | 6,3 | 4,5 | 3,5 |
| Эркектер | … | 3,8 | 3,1 | 2,5 | 3,0 | 2,7 |

Жумушсуздукдун деңгээли - бул жумушчу күч менен камсыздоонун начар колдонулушунун чарасы. Бул экономиканын иштегиси келген адамдары үчүн, жумушка жеткиликтүүлүгү бар жана жигердүү жумуш издеп жаткан, бирок иштебеген адамдар үчүн жумушчу орундарын түзө албастыгын чагылдырат. Ошентип, ал жумушчу күчүн жана эмгек рыногунда өндүрүмдүүлүктү өздөштүрүү үчүн экономиканын натыйжалуулугунун жана эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчү катары каралат. Кыска мөөнөттүү жумушсуздук деңгээли бизнес циклиндеги өзгөрүүлөрдү билдирүү үчүн колдонулушу мүмкүн; индикатордун жогорулаган кыймылы көбүнчө рецессия мезгилине же айрым учурларда кеңейүү мезгилинин башталышы менен дал келет, анткени буга чейин эмгек рыногунда болбогон адамдар активдүү жумуш издөө аркылуу шарттарды сезе баштайт.

2018-жылы жумушсуздуктун деңгээли 6,2 пайызды, ал эми 2014-жылы 8,0 пайызды түзгөн. 15-29 жаштагы калктын арасындагы жумушсуздук деңгээли калган калкка караганда бир кыйла жогору.

### **8.6.1.** Иштебеген, окубаган жана кесиптик көндүмдөрдү үйрөнбөгөн (15 жаштан 24 жашка чейинки) жаштардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **18,3** | **20,7** | **21,4** | **20,4** | **21,0** | **20,5** |
| Эркектер | 11,5 | 12,5 | 13,6 | 12,1 | 12,3 | 12,0 |
| Аялдар | 25,2 | 29,2 | 29,5 | 29,0 | 30,1 | 29,4 |

Окубаган, иштебеген жана кесиптик көндүмдөрдү үйрөнбөгөн жаштардын үлүшү (NEET көрсөткүчү) билим берүү системасына тартылбаган, окубаган жана жумушка орношпогон жаштардын көрсөткүчү, демек, бул жаштардын жумушсуздугунун көрсөткүчү гана эмес эмгек рыногунун потенциалдуу катышуучуларынын кеңири көрсөткүчү болуп саналат. Бул көрсөткүчкө иштегиси келбеген жаштар, ошондой эле майыптыгы бар жана башка себеп-

[10] Ош шаарын кошо алганда

тердин ичинен үй жумуштарына тартылгандыгынан улам экономикалык жактан активдүү болбогон жаштар кирет. Ошондой эле NEET көрсөткүчү жаштардын жумушсуздук деңгээли менен салыштырмалуу жаштардын эмгек рыногунун потенциалдуу катышуучуларынын эң жакшы көрсөткүчү болуп саналат, анткени буга экономикалык жактан активдүү эмес, бирок билимдүү жаштар кирет, ошондуктан алардын азыркы учурдагы ишке орношуу мүмкүмкүн-чүлүктөрү эсептелбейт.

15 жаштан 24 жашка чейинки, иштебеген, окубаган жана кесиптик көндүмдөргө ээ болбогон аялдардын үлүшү эркектердин үлүшүнөн 2,5 эсе көп.

### **8.7.1.** Жынысы жана курагы боюнча балдар эмгеги менен алектенген 5 жаштан 17 жашка чейинки балдардын үлүшү жана саны *(пайыз менен)*

| | **2018** |
|---|---|
| Балдар эмгегине тартылган 5-17 жаштагы балдардын пайыздык үлүшү | 26,7 |
| *Жашаган жери боюнча* | |
| Шаар конуштары | 11,9 |
| Айыл жергеси | 33,6 |
| *Жынысы боюнча* | |
| Эркектер | 33,6 |
| Аялдар | 19,0 |
| *Курагы боюнча (жаш менен)* | |
| 5-11 | 27,9 |
| 12-14 | 23,3 |
| 15-17 | 26,6 |
| *Мектепке баруусу боюнча* | |
| Барат | 27,0 |
| Барбайт | 21,6 |
| *Эненин билим деңгээли боюнча* | |
| Мектепке чейинки же жок / Башталгыч | (33,0) |
| Жалпы негизги | 28,7 |
| Жалпы орто | 29,2 |
| Кесиптик башталгыч / Орто | 24,4 |
| Жогорку | 23,1 |
| *Баладагы функционалдык кыйынчылыктар боюнча* | |
| Бар | 34,9 |
| Жок | 25,9 |
| *Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча* | |
| Эң жакыр | 32,1 |
| Экинчи | 30,6 |
| Орто | 31,8 |
| Төртүнчү | 28,0 |
| Эң бай | 6,1 |
| *Аймак боюнча* | |
| Баткен облусу | 27,7 |
| Жалал-Абад облусу | 34,0 |
| Ысык-Көл облусу | 27,0 |
| Нарын облусу | 40,5 |

| | 2018 |
|---|---|
| Ош облусу | 33,3 |
| Талас облусу | 35,1 |
| Чүй облусу | 24,5 |
| Бишкек ш. | 7,3 |
| Ош ш. | 6,1 |

"Балдар эмгеги" деген термин балдар үчүн зыяндуу, терс же жагымсыз болгон жана аларды жоюуга багытталган балдардын иш-аракеттерине тиешелүү. Балдар эмгеги статистикалык эмес, укуктук концепция болуп саналат, ошондуктан аны аныктаган эл аралык укуктук стандарттар балдар эмгегинин статистикасы үчүн зарыл негиз болуп саналат. Балдар эмгеги жөнүндө үч негизги эл аралык конвенция - ЭЭУнун Конвенциясы № 138 (минималдуу жаш курак) (С138), ЭЭУ №182 Конвенциясы (эң начар формалар) (С182) жана Бириккен Улуттар Уюмунун Балдардын Укуктары Конвенциясы (БУК) биргелешип, балдар эмгегинин укуктук чектерин белгилешет жана ага каршы улуттук жана эл аралык деңгээлдеги аракеттердин укуктук негизин камсыз кылышат.

**8.8.1.** Өлүмгө алып келген жана өлүмгө алып келбеген өндүрүштүк травматизм
*(тиешелүү жыныстардын 100 000 жумушчусуна алганда)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Өндүрүштүк жаракат* | | | | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **90,1** | **29,2** | **22,1** | **24,5** | **17,0** | **25,0** |
| Аялдар | 19,8 | 15,5 | 8,4 | 16,4 | 13,6 | 14,9 |
| Эркектер | 164,3 | 44,6 | 37,9 | 33,7 | 20,9 | 36,6 |
| Баткен облусу | 67,0 | 60,2 | 5,9 | 11,8 | 16,9 | 14,2 |
| Аялдар | 8,9 | - | - | 5,6 | - | - |
| Эркектер | 112,7 | 131,4 | 12,9 | 18,8 | 37,2 | 32,4 |
| Жалал-Абад облусу | 41,3 | 22,7 | 20,8 | 26,5 | 14,6 | 46,1 |
| Аялдар | 3,2 | 5,6 | 2,5 | 10,2 | 2,4 | 10,0 |
| Эркектер | 82,9 | 42,6 | 43,0 | 46,3 | 29,0 | 86,1 |
| Ысык-Көл облусу | 67,9 | 29,2 | 52,0 | 44,8 | 18,6 | 10,1 |
| Аялдар | 10,1 | 5,1 | 9,6 | 19,5 | 14,9 | - |
| Эркектер | 130,3 | 55,9 | 102,0 | 74,2 | 22,7 | 22,4 |
| Нарын облусу | 30,1 | 12,3 | 3,7 | 35,4 | - | - |
| Аялдар | 7,8 | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 57,6 | 28,3 | 8,7 | 81,4 | - | - |
| Ош облусу | - | - | 5,2 | 2,3 | 4,5 | 4,6 |
| Аялдар | - | - | - | 3,8 | - | 3,9 |
| Эркектер | - | - | 13,0 | - | 11,1 | 5,5 |
| Талас облусу | 38,4 | 26,0 | 15,1 | 10,7 | - | 14,8 |
| Аялдар | 10,2 | 19,3 | - | - | - | 9,3 |
| Эркектер | 71,3 | 33,9 | 32,6 | 23,5 | - | 21,0 |
| Чүй облусу | 39,8 | 39,5 | 52,9 | 20,7 | 14,9 | 27,8 |
| Аялдар | 18,6 | 22,3 | 15,3 | 9,6 | 13,3 | 9,7 |
| Эркектер | 62,2 | 57,7 | 94,4 | 31,6 | 16,5 | 46,7 |

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 172,4 | 34,4 | 20,0 | 30,8 | 28,1 | 34,5 |
| Аялдар | 36,1 | 30,3 | 14,9 | 33,9 | 31,0 | 33,6 |
| Эркектер | 309,6 | 38,7 | 25,6 | 27,4 | 24,9 | 35,6 |
| Ош ш. | 84,3 | 12,9 | 2,5 | 12,5 | 5,1 | 2,6 |
| Аялдар | 33,3 | 5,1 | 5,1 | - | - | - |
| Эркектер | 130,2 | 20,9 | - | 25,4 | 10,8 | 5,6 |
| *Өлүмгө алып келген өндүрүштүк жаракат* | | | | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **6,1** | **3,6** | **4,1** | **5,0** | **6,7** | **1,5** |
| Аялдар | 0,8 | 1,1 | 0,7 | 0,4 | - | 0,4 |
| Эркектер | 11,8 | 6,4 | 8,0 | 10,4 | 14,4 | 2,8 |
| Баткен облусу | 15,8 | 2,9 | 17,7 | 20,7 | 11,3 | 2,8 |
| Аялдар | - | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 28,2 | 6,3 | 38,6 | 43,9 | 24,8 | 6,5 |
| Жалал-Абад облусу | 1,7 | 3,0 | 2,8 | 1,4 | 13,2 | - |
| Аялдар | - | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 3,5 | 6,5 | 6,1 | 3,1 | 29,0 | - |
| Ысык-Көл облусу | 7,8 | 2,7 | 7,8 | 10,5 | 8,0 | 2,5 |
| Аялдар | 5,0 | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 10,9 | 5,6 | 17,0 | 22,8 | 17,1 | 5,6 |
| Нарын облусу | 8,6 | 16,3 | 3,7 | 19,6 | 19,3 | - |
| Аялдар | 7,8 | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 9,6 | 37,7 | 8,7 | 45,2 | 43,4 | - |
| Ош облусу | - | - | 2,6 | - | 6,8 | - |
| Аялдар | - | - | - | - | - | - |
| Эркектер | - | - | 6,5 | - | 16,7 | - |
| Талас облусу | 5,5 | 10,4 | 10,0 | - | 5,1 | 4,9 |
| Аялдар | - | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 11,9 | 22,6 | 21,7 | - | 11,3 | 10,5 |
| Чүй облусу | 4,8 | 4,9 | 3,2 | 3,2 | 3,3 | - |
| Аялдар | - | 9,6 | 6,1 | - | - | - |
| Эркектер | 9,8 | - | - | 6,3 | 6,6 | - |
| Бишкек ш. | 7,2 | 1,7 | 1,7 | 3,3 | 2,2 | 2,1 |
| Аялдар | - | - | - | 1,1 | - | 1,0 |
| Эркектер | 14,5 | 3,4 | 3,5 | 5,7 | 4,5 | 3,3 |
| Ош ш. | 7,9 | 5,2 | 2,5 | 2,5 | 7,7 | 2,6 |
| Аялдар | - | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 15,0 | 10,4 | 4,9 | 5,1 | 16,1 | 5,6 |

**8.9.1.1.** Туризмдин ИДПга карата түз салымы *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПдагы туризмдин үлүшү | 3,7 | 4,3 | 4,7 | 4,6 | 5,0 | 5,0 |

2018-жылы туризм тармагында дүң кошумча нарк 28,7 млрд. сомду же ИДПга карата 5,0 пайызды түзүп, өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Туризм боюнча дүң чыгарылышынын көлөмүнө туристтерди ташуудан түшкөн кирешелер, даяр тамакты жеткирүү боюнча ресторандардын, барлардын, ашканалардын жана башка тамак-аш ишканаларынын жүгүртүлүшүнөн, туризм тармагында товарларды сатуудан (дүң киреше же соода кошумчасы), туристтик-экскурсия, санаторийлик-курорттук, ден-соолукту чыңдоо кызматтарынан, мейманкана кызматтарынан жана туризм үчүн товарларды өндүрүүдөн түшкөн кирешелер кирет.

**8.10.1.** 100 000 чоң адамдарга карата коммерциялык банктардын филиаларынын жана б) Кыргыз Республикасында 100 000 чоң адамдарга карата банкоматтардын саны

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| а) 100 000 чоң адамдарга коммерциялык банктардын филиалдарынын саны | 5,7 | 7,4 | 7,8 | 7,9 | 7,7 | 7,6 |
| b) 100 000 чоң адамдарга банкоматтардын саны | 7,6 | 25,3 | 30,8 | 31,9 | 34,2 | 37,7 |
| Коммерциялык банктардын филиалдарынын бардыгы*, бирдик | 211 | 293 | 314 | 324 | 319 | 321 |
| Банкоматтардын бардыгы*, бирдик | 280 | 998 | 1 236 | 1 300 | 1 413 | 1 583 |
| 16 жаштагы жана андан улуу курактагы калктын туруктуу чон адамдарынын саны, адам | 3 706 274 | 3 945 858 | 4 011 583 | 4 076 287 | 4 137 228 | 4 201 038 |

**КРУБ маалыматтары боюнча.*

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгү жана аларды пайдалануу азыркы коомдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Аманат, камсыздандыруу, акчалай төлөмдөр жана которуулар, ошондой эле кредиттер сыяктуу кызматтар адамдарга жашоосун башкарууга, чыгымдарды пландаштырууга жана төлөп берүүгө, бизнесин өркүндөтүүгө жана жалпы жыргалчылыгын жакшыртууга мүмкүндүк берет. Банктар расмий финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жетүү үчүн негизги институттардын бири бойдон калгандыктан, жеткиликтүү банктык инфраструктуранын болушу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн жана демек, аларды пайдалануунун маанилүү башталышы болуп саналат. Банк филиалдары алыскы жерлерде финансылык кызмат көрсөтө ала турган бардык расмий финансылык уюмдардын банкоматтары сыяктуу башка мүмкүндүк алуу түйүндөрү менен толукталат.

# ИЙИЛМЕ ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ТҮЗҮҮ, АР ТАРАПТУУ ЖАНА ТУРУКТУУ ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯГА КӨМӨКТӨШҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯГА ТҮРТКҮ БОЛУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

## ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУ

**731,6 млн. адам**

алардын ичинен

**91,0%** автобус жана микроавтобус менен ташууларга туура келет

**92,4%** жүк автомобиль транспортуна туура келет

Иштетүүчү өнөр жайда иштегендердин үлүшү **12,0%**

Өнөр жайдын кошумча дүң наркындагы чакан ишканалардын үлүшү **1,7%**

## ТӨМӨНКҮЛӨР МЕНЕН КАМТЫЛГАН АЙМАКТА ЖАШАШАТ

мобилдик тарамдар менен **99%**

4G жогорку ылдамдыктагы Интернет менен **70%**

## АТМОСФЕРАЛЫК АБАГА КАТУУ БУЛГООЧУ ЗАТТАРДЫ ЧЫГАРУУНУН ТӨМӨНДӨШҮ МЕНЕН БИРГЕ,

**1 км² үчүн кг**

газдуу жана суюк булгоочу заттардын чыгарылышынын өсүшү байкалды



# 9 - МАКСАТ. ИЙИЛМЕ ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ТҮЗҮҮ, АР ТАРАПТУУ ЖАНА ТУРУКТУУ ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯГА КӨМӨКТӨШҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯГА ТҮРТКҮ БОЛУУ

Инфраструктурага инвестициялар - транспорт, ирригациялык системалар, энергия жабдуу, маалымат жана байланыш технологиялары туруктуу өнүгүүгө жетишүү жана көптөгөн өлкөлөрдүн жамааттарынын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн маанилүү. Өндүрүмдүүлүктүн жана кирешенин өсүшүн камсыз кылуу, ошондой эле медициналык жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн натыйжаларын жакшыртуу үчүн инфраструктурага инвестиция салуу зарыл экендиги мурунтан эле белгилүү болгон.

Экономикалык өнүгүүнүн, жумуштуулуктун жана социалдык туруктуулуктун негизги кыймылдаткыч күчү болуп өндүрүш өнөр жайы саналат. Бирок, жогорку өнүккөн өлкөлөрдө өндүрүш өнөр жайынын адам башына шарттуу таза көлөмү 4,5 миң АКШ долларын, ал эми эң аз өнүккөн өлкөлөрдө болжол менен 100 АКШ долларын түзөт. Учурдагы өсүү жана урбанизация учурунда туруктуу инфраструктураны түзүүгө кошумча инвестициялар талап кылынат, анын жардамы менен шаарлар климаттын өзгөрүшүнө каршы натыйжалуу күрөшүп, экономикалык өсүшкө жана социалдык туруктуулукка өбөлгө болот. Финансылык, технологиялык жана техникалык ресурстарга муктаж болгон өлкөлөргө мамлекеттик бюджеттен жана өнүгүүгө расмий жардамдан гана эмес, жеке булактардан дагы колдоо көрсөтүлөт. Өнөр жай өндүрүшүнүн жана жумуш менен камсыз кылуунун туруктуу жакшырышына карабастан, эң аз өнүккөн өлкөлөрдө керектүү инфраструктураны түзүү жана 2030-жылга чейин ИДПдагы өнөр жай үлүшүн эки эсеге көбөйтүү үчүн жаңы инвестициялар талап кылынат.

### Милдеттер:

9.1 Бардык адамдар үчүн арзан жана тең укуктуу жетүү мүмкүндүгүн камсыздоого өзгөчө көңүл буруу менен, экономикалык өнүгүүнү жана адамдардын бакубатчылыгын колдоо максаттарында сапаттуу, ишенимдүү, туруктуу жана бекем инфраструктураны, анын ичинде аймактык жана чек аралар аралык инфраструктураны өнүктүрүү.

9.2 Ар тараптуу жана туруктуу индустриализацияга көмөктөшүү жана 2030-жылга карата өнөр жайда жумуштуулуктун деңгээлин жана улуттук шарттарга ылайык өнөр жай өндүрүшүнүн ички дүң продуктудагы үлүшүн кыйла жогорулатуу жана азыраак өнүккөн өлкөлөрдө тиешелүү көрсөткүчтөрдү эки эсе жогорулатуу.

9.3 Майда өнөр жай жана башка ишканалардын, өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, финансылык кызмат көрсөтүүлөргө, анын ичинде арзан кредиттерге жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүү жана аларды өндүрүш-сатуу чынжырларына жана рынокторуна интеграциялоону күчөтүү.

9.4 2030-жылга карата жеке мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык бардык өлкөлөрдүн катышуусу менен инфраструктураны модернизациялоо жана ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жана таза жана экологиялык коопсуз технологияларды жана өнөр жай процесстерин кеңири колдонуунун эсебинен өнөр жай ишканаларын туруктуу кылуу менен, кайра жабдуу.

9.5 Бардык өлкөлөрдө, өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө илимий изилдөөлөрдү активдештирүү, өнөр жай секторлорунун технологиялык дараметин өстүрүү, анын ичинде 2030-жылга карата инновациялык ишмердикти өбөлгөлөө жана 1 миллион адамга

эсептөө менен илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер (ИИТКИ) чөйрөсүндө кызматкерлердин санын, ошондой эле ИИТКИге мамлекеттик жана жеке чыгымдарды кыйла көбөйтүү аркылуу өстүрүү.

9.a Африка өлкөлөрүн, азыраак өнүккөн өлкөлөрдү, деңизге чыга албаган өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү жана майда арал мамлекеттерин финансылык, технологиялык жана техникалык колдоону көбөйтүүнүн эсебинен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө экологиялык туруктуу жана чыдамдуу инфраструктураны өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

9.b Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө ата мекендик технологиялар чөйрөсүндө иштеп чыгууларды, изилдөөлөрдү жана инновацияларды колдоо, анын ичинде өнөр жайды диверсификациялоого жана чийки зат рыногунда кошумча наркты өстүрүүгө шарт түзгөн саясый климатты түзүү аркылуу колдоо.

9.c Маалыматтык-коммуникациялык технологияларга жетүү мүмкүндүгүн кыйла кеңейтүү жана 2020-жылга карата азыраак өнүккөн өлкөлөрдө Интернетке жалпы жана арзан жетүү мүмкүндүгүн камсыздоого умтулуу.

### 9.1.2. Транспорттун түрү менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуунун көлөмү

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу (млн.адам) | 532,9 | 638,6 | 653,1 | 682,2 | 709,9 | 731,6 |
| Темир жол | 0,7 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 |
| Автобустар | 492,6 | 596,1 | 604,1 | 627,3 | 649,7 | 664,5 |
| Троллейбустар | 24,6 | 20,1 | 23,3 | 25,9 | 29,3 | 33,1 |
| Такси | 14,5 | 20,9 | 24,2 | 27,6 | 29,2 | 32,4 |
| Аба | 0,5 | 1,2 | 1,2 | 1,1 | 1,5 | 1,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу (млн. тонна) | 36,9 | 28,9 | 29,7 | 31,2 | 31,9 | 33,0 |
| Темир жол | 1,0 | 1,5 | 1,3 | 1,7 | 1,9 | 2,3 |
| Автоунаа | 35,6 | 27,2 | 28,2 | 29,3 | 29,8 | 30,5 |
| Кубур түтүк унаасы | 0,3 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,3 |
| Суу транспорту, миң. тонна | 16,0 | 15,0 | 12,2 | 2,6 | - | - |
| Аба унаасы, миң. тонна | 1,0 | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,3 | 1,0 |

Экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү жана калктын жыргалчылыгын жогорулатуу максатында, бардык адамдардын ушул инфраструктурага бирдей жетүүсүнө көңүл буруп, сапаттуу, ишенимдүү, туруктуу регионалдык жана эл аралык инфраструктураны өнүктүрүү зарыл. Эл аралык инфраструктураны өнүктүрүү мүчө мамлекеттер тарабынан жүргүзүлгөн жүргүнчү менен жүк ташуу үчүн эң керек. Жүргүнчүлөрдү жана жүк ташуунун көлөмүнүн өсүшү, мүчө мамлекеттерде акыркы социалдык-экономикалык пайда менен тең инфраструктуранын дагы туруктуу өнүгүп жаткандыгын көрсөтөт. Аба унаасы айрыкча экономикалык пайдасы үчүн гана эмес, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарда жана оорунун башталышында жабыркагандарга азык-түлүк, дары-дармек, медициналык персонал, вакциналар жана башка зарыл материалдарды өз убагында жетүүсүн камсыз кылуу үчүн, транспорттун бир нече түрүнүн ишеничтүүсү болуп саналат.

Жыл сайын жүргүнчүлөрдү ташуунун саны көбөйүүдө. 2018-жылы транспорттун бардык түрү менен 732 млн. жакын адам ташылган, алардын 91 пайызга жакын автобус менен ташылган. Жүк ташуунун жалпы көлөмүнүн 92 пайызынан көбү автомобиль транспорту менен ташылган.

**15–график.** Иштетүүчү өнөр жайда иштегендердин үлүшү *(пайыз менен)*




### 9.2.2. Иштетүүчү өнөр жайда иштегендердин жынысы жана аймагы боюнча үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 7,8 | 6,9 | 7,4 | 7,6 | 10,1 | 12,0 |
| *Жынысы боюнча* | | | | | | |
| Аялдар | 9,3 | 8,9 | 8,4 | 9,1 | 11,3 | 12,5 |
| Эркектер | 6,7 | 5,6 | 6,7 | 6,7 | 9,3 | 11,7 |
| *Аймак боюнча* | | | | | | |
| Баткен облусу | 6,4 | 3,0 | 2,3 | 2,4 | 4,5 | 6,9 |
| Жалал-Абад облусу | 3,1 | 5,3 | 5,5 | 5,4 | 8,9 | 15,3 |
| Ысык-Көл облусу | 3,2 | 4,2 | 4,7 | 5,3 | 6,4 | 8,2 |
| Нарын облусу | 2,4 | 0,9 | 1,1 | 1,4 | 2,3 | 3,9 |
| Ош облусу | 6,3[11] | 2,8 | 3,4 | 3,3 | 4,7 | 6,7 |
| Талас облусу | 2,6 | 2,2 | 1,9 | 2,1 | 3,6 | 3,8 |
| Чүй облусу | 14,3 | 13,7 | 15,1 | 16,0 | 21,6 | 21,4 |
| Бишкек ш. | 14,5 | 13,5 | 14,8 | 15,4 | 16,1 | 16,4 |
| Ош ш. | … | 7,8 | 5,1 | 5,1 | 7,6 | 8,5 |

Иштеп чыгаруучу өнөр жайда иштегендердин көрсөткүчү өндүрүштүн жумуш орундарын түзүүгө кошкон салымын чагылдырат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, бул өндүрүштүн айыл чарба жана башка салттуу тармактардан ашыкча эмгек акыларына ээ болгон өндүрүмдүү жумушчу күчүнө жумшоо мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Өнүккөн өлкөлөрдө инновациялар менен технологиялар, айрыкча өндүрүш тармагында, продукцияны өркүндөтүүгө байланыштуу негизги факторлор болгон, бирок ошол эле учурда, чыгымдарды кыскартуу чаралары катары жумушчу күчүн кыскартууга басым жасалган. Түзүмдүк өзгөрүүлөр интенсивдүү капиталы бар тармакты өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт, демек, жумуш менен камсыз болуунун жалпы көлөмүндө өндүрүштүн үлүшү азайышы мүмкүн.

2018-жылы республиканын кайра иштетүүчү өнөр жай тармагында иштегендердин үлүшү 12 пайызды түзүп, 2010-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көбөйгөн. Акыркы жылдары өндүрүш тармагында иштегендердин эң көп үлүшү Чүй жана Жалал-Абад облустарында, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында байкалган.

[11] Ош шаарын кошо алганда.

Бир нече жылдан бери чакан ишканалардын жалпы өндүрүштөгү үлүшү 1,6 – 1,7 пайыз деңгээлинде калган.

**9.3.1.** Өнөр жайдын таза продукциясынын жалпы көлөмүндөгү чакан ишканалардын үлүшү *(жалпы көлөмүнө пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жайдын таза продукциясынын жалпы көлөмүндөгү чакан ишканалардын үлүшү | 1,6 | 1,5 | 1,5 | 1,5 | 1,7 | 1,7 |

Чакан (кичине) ишкана базар түзүлүшүнүн эң маанилүү элементтеринин бири. Чакан ишкананы түзүү атаандаштык чөйрөсүн түзүүгө, жаңы жумушчу орундарын түзүүгө жана рынокту товарлар жана кызматтар менен толтурууга зарыл шарт болуп саналат. Ири жана орто ишканаларга караганда, чакан ишканалар, өзгөрүлүп жаткан базар шартына тез жооп кайтарып, өндүрүштү диверсификациялап, инновациялык иш-аракеттерди жүргүзө алышат.

**9.4.1.1.** 1 кв. км стационардык булактардан чыккан булгоочу заттардын көлөмү *(килограмм)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **302,6** | **304,9** | **264,3** | **248,2** | **283,6** |
| анын ичинде: | | | | | |
| катуу | 112,7 | 121,8 | 101,3 | 126,1 | 91,0 |
| суюк же газ түрүндөгү | 189,9 | 183,1 | 163,0 | 122,1 | 192,6 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| күкүрт кычкыл газы | 92,3 | 95,4 | 80,6 | 39,0 | 90,3 |
| көмүртек кычкылы | 61,5 | 49,9 | 47,1 | 47,1 | 60,7 |
| азот кычкылдары | 21,2 | 20,0 | 21,8 | 19,5 | 22,8 |

2018-жылы атмосферага катуу булгоочу заттарды чыгаруунун төмөндөшү менен бирге, газдуу жана суюк булгоочу заттардын чыгарылышынын көбөйүшү байкалды.

**9.5.2.** Илимий-изилдөөлөрдө жана иштелмелерде иштеген изилдөөчү адистердин 1 000 000 калкка алгандагы саны *(адам)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 360 | 511 | 572 | 563 | 524 | 555 |

Изилдөө жана эксперименталдык иштеп чыгуу билимди, анын ичинде адамзат, маданият жана коом жөнүндө билимди жогорулатуу, ошондой эле жеткиликтүү болгон билимдин жаңы колдонмолорун иштеп чыгуу үчүн жүргүзүлүп жаткан чыгармачыл жана системалуу иштерди камтыйт. Алардын катарына изилдөөчүлөр – илимий изилдөө жана иштеп чыгуу менен алектенген жана жаңы билимдерди, продуктуларды, процесстерди, методдорду жана системаларды түзүүнү, ошондой эле ушул иш-аракеттерди башкарууну жүзөгө ашырган адистер кирет.

2018-жылы илимий изилдөө жана иштеп чыгуу менен алектенген изилдөөчү адистердин саны 2010-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көбөйгөн.

**9.c.1.** Мобилдик тарамдар менен камтылган калктын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| 2G | 97,7 | 97,8 | 99,0 | 99,1 | 99,2 |
| 3G | 57,0 | 59,0 | 60,0 | 75,0 | 88,0 |
| 4G | 0,5 | 1,6 | 40,0 | 50,0 | 70,0 |

*МТБМК маалыматтары боюнча.*

Мобилдик уюлдук тарам менен камтылган калктын пайызын калктын МБТга жетүүсүнүн минималдык көрсөткүчү катары кароого болот, анткени уюлдук тармак адамдарга мобилдик уюлдук кызматтарга жазылып, аларды байланыш үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Акыркы он жылдын ичинде мобилдик байланыштын уюлдук тармактары тездик менен кеңейип, учурдагы жөнөкөй инфраструктуралык тоскоолдуктарды жеңүүгө жардам беришти, анткени туруктуу телефон тармагы, көбүнчө шаар жана калктуу аймактар менен чектелген, телекоммуникациялык инфраструктура үстөмдүк кылган.

Көрсөткүч мобилдик тарамда камтылган, технология боюнча бөлүштүрүлгөн, мобилдик уюлдук сигналдын чегинде жашаган калктын жалпы калктын санына карата, алардын абоненттери же уюлдук телефондордун колдонуучулары экендигине карабастан эсептелген.

Республиканын калкынын дээрлик бардыгы (99,2 пайыз) мобилдик тарамдар камтылган аймакта жашашат. Ошол эле учурда, калктын 70 пайызы гана жогорку ылдамдыктагы Интернетке (4G) кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

# ӨЛКӨ ИЧИНДЕ ЖАНА АЛАРДЫН ОРТОСУНДА ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

Калктын аз камсыз болгон

**40 % КИШИ БАШЫНА ОРТОЧО КИРЕШЕСИНИН ӨСҮШҮ**

**110%** түзгөн,

бул бүткүл калк үчүн орточо көрсөткүчтөн

**2,6%** төмөн




Калктын орточо кирешенин **50%** төмөн кирешеге ээ болушкан




15тен 49 жашка чейинки аялдардын 8% эл аралык укук менен тыюу салынган белгилер боюнча **БАСМЫРЛООНУ ЖЕ КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮНҮ** сезишкен

Калктын

## КИРЕШЕСИНИН ОРТОЧО МААНИСИ

киши башына айына сом менен



# 10 -МАКСАТ. ӨЛКӨ ИЧИНДЕ ЖАНА АЛАРДЫН ОРТОСУНДА ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ

Эл аралык коомчулук элди жакырчылыктан куткаруу үчүн көп иш жасады. Эң аялуу абалдагы өлкөлөр- аз өнүккөн өлкөлөр, деңизге чыгуу жолу жок өнүгүп келе жаткан өлкөлөр жана өнүгүп келе жаткан чакан арал мамлекеттери жакырчылыкты кыскартуу боюнча чараларды көрүүнү улантышууда. Бирок, теңсиздик көйгөйү дагы деле бойдон калууда: медицина жана билим берүү кызматтарына, ошондой эле башка өндүрүштүк активдерге жетүү деңгээлинде чоң айырмачылыктар бар.

Өлкөлөрдүн ортосундагы кирешелердин деңгээлиндеги айырмачылык менен бирге, өлкөлөрдүн ортосунда теңсиздик көйгөйү бар. Эгерде экономикалык өнүгүү бардыгын камтыбаса жана туруктуу өнүгүүнүн үч (экономикалык, социалдык жана экологиялык) компоненттери боюнча аныкталбаса, анда ал жакырчылыкты төмөндөтпөйт деген түшүнүк барган сайын тамыр жайып баратат.

Теңсиздикти азайтуу үчүн, жалпылуулук принциптерине негизделген, бирок жакыр жана маргиналдашкан адамдардын топторунун муктаждыктарын эске алуу менен саясат сунушталат. Ушуга байланыштуу, чечимдер кабыл алынган эл аралык экономикалык жана финансы мекемелеринин форумдарындагы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ролун күчөтүү зарыл.

Мындан тышкары, акча которуулар өздөрү келген мамлекеттердеги эл аралык эмгек мигранттардын үй-бүлөлөрү жана коомчулугу үчүн өтө маанилүү болушу мүмкүн, бирок бул каражаттарды которуунун кымбаттыгы алардан түшкөн реалдуу пайданы дагы эле азайтууда.

**Милдеттер:**

10.1 2030-жылга карата калктын начар камсыздалган 40 пайызынын кирешесин өлкө боюнча орточодон жогору деңгээлге акырындык менен жеткирүү жана өсүшүн колдоо.

10.2 2030-жылга карата бардык адамдардын курагынан, жынысынан, майыптуулугунан, расасынан, этностук таандыктуулугунан, тегинен, дининен жана экономикалык же башка статусунан көз карандысыз алардын социалдык, экономикалык жана саясый жашоого активдүү катышуусун мыйзам жолу менен колдоо.

10.3 Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин камсыздоо жана жыйынтыктардын теңсиздигин азайтуу, анын ичинде басмырлоочу мыйзамдарды, саясатты жана практиканы жокко чыгаруу жана бул багыттагы тиешелүү мыйзамдарды, саясатты жана чараларды кабыл алууга көмөктөшүү аркылуу камсыздоо.

10.4 Тиешелүү саясатты, өзгөчө бюджеттик-салык саясатын жана эмгек маяна жана социалдык колдоо маселелериндеги саясатты кабыл алуу жана акырындык менен теңчиликти камсыздоого жетишүү.

10.5 Глобалдык финансы рынокторун жана мекемелерин жөнгө салуу жана мониторинг методдорун өркүндөтүү жана мындай методдорду ырааттуу колдонуу.

10.6 Глобалдык эл аралык экономикалык жана финансы мекемелерин натыйжалуу, беделдүү, отчеттуу жана легитимдүү кылуу үчүн, аларда чечим кабыл алуу процесстерине өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн өкүлчүлүгүн жана добуш берүү укугун камсыздоо.

10.7 Адамдардын ирettүү, коопсуз, мыйзамдуу жана жоопкерчиликтүү миграциясына көмөктөшүү, анын ичинде пландалган жана жакшы ойлонулган миграциялык саясатты өткөрүүнүн жардамы менен көмөктөшүү.

10.a Дүйнөлүк соода уюмунун макулдашууларына ылайык, өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, өзгөчө начар өнүккөн өлкөлөр үчүн өзгөчө жана дифференциацияланган режими принцибин ишке ашыруу.

10.b Өтө муктаж болгон мамлекеттерде, өзгөчө азыраак өнүккөн өлкөлөрдө, африка өлкөлөрүндө, өнүгүп келе жаткан чакан арал мамлекеттеринде жана деңизге чыга албаган өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө алардын улуттук пландарына жана программаларына ылайык өнүктүрүү максаттарында расмий жардамды бөлүүнү жана финансы агымдарын, анын ичинде түз чет өлкөлүк инвестицияларды колдоо.

10.c 2030-жылга карата мигранттардын акча каражаттарын которуу менен байланыштуу операциялык чыгымдарын которуу суммасынын 3 пайызына чейин кыскартуу жана бул чыгымдар 5 пайыздан жогору болгон акча которуулар каналдарын жоюу.

**10.1.1.** 40 пайыздан аз камсыздалган калктын жана жалпы калктын арасындагы үй чарбаларынын кирешелеринин калктын киши башына алгандагы өсүү темпи

*(өткөн жылга карата пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын аз камсыз болгон 40 пайызынын орточо киши башына эсептелген кирешесинин өсүү темпи | 106,2 | 123,7 | 102,2 | 106,2 | 113,0 | 110,0 |
| Калктын орточо киши башына эсептелген кирешесинин өсүү темпи | 107,9 | 121,2 | 103,0 | 104,5 | 111,3 | 112,6 |

*ҮЧИИ маалыматтары боюнча.*

Жалпы жыргалчылыкты жакшыртуу экономикалык өсүштү да, акыйкаттыкты камсыз кылууну да талап кылат. Жалпы гүлдөп өнүгүүгө көмөктөшүү ар бир өлкөдө жетиштүүлүктү бөлүштүрүүнүн 40 пайызынан төмөн кирешелердин өсүшүнө түрткү берүү катары аныкталат жана киши башына орточо реалдуу кирешенин орточо жылдык өсүшүн эсептөө менен өлчөнөт. Калктын максаттуу тобу катары төмөн 40 пайызды тандоо практикалык компромисстердин бири болуп саналат. Төмөн 40 пайыз жетиштүүлүктүн бөлүштүрүлүшүнө жараша ар кайсы өлкөлөрдө өзгөрүлүп турат жана убакыттын өтүшү менен дагы өлкө ичинде өзгөрүлүшү мүмкүн. Жалпы элдин жыргалчылыгын жогорулатуу белгилүү бир өлкөнүн максаты болгондуктан, дүйнө жүзүндө аныкталган бир дагы сандык максат жок.

Төмөнкү 40 пайыздык жети  штүүлүктүн жалпы денгээлинин өсүшү болжол менен 5 жылдык үй чарбаларын иликтөөнүн негизинде, өлкөдөгү кирешелерди бөлүштүрүүнүн төмөнкү 40 пайызынын калктын киши башына карата реалдуу кирешенин өсүшүнүн орточо жылдык темпи катары эсептелет. Жалпы жыргалчылыктын орточо улуттук өсүш темпи үй чарбаларды изилдөөнүн негизинде калктын киши башына реалдуу кирешенин жылдык өсүш темпи катары эсептелет.

Акыркы жылдары республикада өлкөнүн аз камсыз болгон 40 пайыз калкынын киши башына орточо кирешесинин өсүшү байкалууда. Ошол эле учурда, 2018-жылы калктын аз камсыз болгон 40 пайызынын киши башына кирешесинин өсүшү 110,0 пайызды түзгөн, бул бүткүл калктын орточо деңгээлинен 2,6 пайызга төмөн.

**16-график.** Жаш курагы жана жынысы боюнча медиандык кирешеси 50 пайыздан төмөн кирешеси бар калктын үлүшү *(пайыз менен)*




**10.2.1.** Жаш курагы жана жынысы боюнча медиандык кирешеси 50 пайыздан төмөн кирешеси бар калктын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| Медиандык мааниси, киши башына айына сом | 3 390,2 | 3 572,5 | 3 991,9 | 4 466,4 |
| Медиандык маанинин 50 % төмөн кирешеси бар калктын үлүшү | 12,0 | 11,6 | 11,0 | 11,9 |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | | | |
| Шаар конуштары | 8,2 | 8,5 | 7,9 | 8,1 |
| Айыл жергеси | 14,1 | 13,3 | 12,7 | 14,0 |
| ***Жынысы боюнча*** | | | | |
| Аялдар | 11,7 | 11,4 | 10,9 | 11,8 |
| Эркектер | 12,3 | 11,9 | 11,2 | 12,0 |
| ***Курагы боюнча*** | | | | |
| 0-17 жаштагы балдар | 19,5 | 17,6 | 17,4 | 18,5 |
| 14-28 жаштагы жаштар | 12,1 | 12,5 | 11,4 | 13,5 |
| Эмгекке жарамдуу курактагы калк (16-57 жаштагы аялдар, 16-62 жаштагы эркектер) | 12,3 | 12,6 | 11,7 | 12,2 |
| Эмгек жарамдуу курактан улуу калк (58 жаштагы жана андан улуу аялдар, 63 жаштагы жана андан улуу эркектер) | 7,8 | 7,8 | 7,5 | 8,4 |

*ҮЧИИ маалыматтары боюнча.*

Көрсөткүч салыштырмалуу жакырчылыктын жана өлкөдөгү кирешелерди бөлүштүрүү теңсиздигинин индикатору болуп эсептелет. Бул көрсөткүч жана салыштырмалуу чаралар, адатта, бай өлкөлөрдө жакырчылыкты өлчөө үчүн колдонулат, ошондой эле барган сайын кирешеси төмөн жана орто деңгээлдеги өлкөлөрдө теңсиздиктин жана жакырчылыктын кошумча чарасы катары колдонула баштады.

Абсолюттук кедейлик сыяктуу эле, республикада айыл жерлеринде, ошондой эле 0-17 жаштагы балдар арасында салыштырмалуу жакырчылыктын деңгээли жогору.

**10.3.1.** Акыркы 12 ай ичинде эл аралык укук менен тыюу салынган дискриминациянын негизинде жеке өзүнүн башынан өткөн дискриминация көрүнүштөрү же куугунтуктар жөнүндө алар өздөрү маалымдаган адамдардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| Акыркы 12 айда кандайдыр бир негизде басмырлоого же кысымга кабылган 15-49 жаштагы аялдардын пайыздык үлүшү | 7,7 |
| ***Жашаган жери боюнча*** | |
| Шаар конуштары | 7,9 |
| Айыл жергеси | 7,6 |
| ***Курагы боюнча (жаш менен)*** | |
| 15-19 | 6,5 |
| 15-17 | 5,7 |
| 18-19 | 8,3 |
| 20-24 | 9,1 |
| 25-29 | 7,1 |
| 30-34 | 8,8 |
| 35-39 | 8,7 |
| 40-44 | 6,4 |
| 45-49 | 7,0 |
| ***Билим денгээли боюнча*** | |
| Мектепке чейинки же жок / Башталгыч | … |
| Жалпы негизги | 14,0 |
| Жалпы орто | 5,9 |
| Кесиптик башталгыч / Орто | 6,9 |
| Жогорку | 8,2 |
| ***Баладагы функционалдык кыйынчылыктар боюнча*** | |
| Бар | 20,7 |
| Жок | 7,6 |
| ***Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча*** | |
| Эң жакыр | 6,0 |
| Экинчи | 6,7 |
| Орто | 9,7 |
| Төртүнчү | 7,1 |
| Эң бай | 8,8 |
| ***Аймак боюнча*** | |
| Баткен облусу | 0,4 |
| Жалал-Абад облусу | 7,3 |
| Ысык-Көл облусу | 1,7 |
| Нарын облусу | 2,8 |
| Ош облусу | 6,5 |
| Талас облусу | 5,0 |
| Чүй облусу | 16,6 |
| Бишкек ш. | 8,7 |
| Ош ш. | 7,0 |

*КККИ маалыматтары боюнча.*

Басмырлоо адамдардын мүмкүнчүлүктөргө жана кызматтарга акыйкат жана бирдей жетүүсүнө тоскоол болушу мүмкүн. КККИ - 2018 өткөрүлүп жатканда басмырлоо белгилерине төмөнкүлөр кирген: этностук таандыгы/ иммиграциясы, жынысы, сексуалдык багыты, курагы, дин тутушу / ишеними, майыптыгы жана башка белгилери.

Аялдардын болжол менен 8 пайызы эл аралык мыйзамдарда тыюу салынган негиздер боюнча басмырлоого же кысымга алынган.

### **10.4.1.** Жумушчулардын ИДПдагы кирешелеринин үлүшү, анын ичинде эмгек акы жана социалдык коргоо линиялары боюнча төлөмдөр[12] *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДПда эмгек акы төлөөнүн үлүшү | 29,6 | 26,8 | 27,0 | 28,4 | 26,8 | 29,4 |

Ички дүң продуктуда (ИДП) жумушчу күчүнүн үлүшү- бул өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн чени болуп эсептелген, ИДПдан пайыз менен көрсөтүүлүчү кызматкерлердин жалпы эмгек акысы. Көрсөткүч өндүрүш процессинде капиталга төлөнгөн үлүш менен салыштырганда кызматкерлерге компенсация катары төлөнүүчү продукциянын салыштырма үлүшү жөнүндө маалыматты камтыйт.

Эмгек акыны төлөө кошуп эсептөө ыкмасы боюнча чагылдырылат, башкача айтканда, кызматкер жумуш аяктагандан кийин же алдын-ала ага төлөнгөндүгүнө карабастан, тиешелүү мезгил ичинде аткарылган жумуш үчүн жумуш берүүчүдөн алууга укуктуу болгон акчалай же накталай сый акынын өлчөмү.

12 Эмгек акы жана социалдык төлөмдөрдү кошкондо, ИДПдагы жумушчу күчүнүн үлүшү

# ШААРЛАРДЫ ЖАНА КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫ АЧЫК, КООПСУЗ, ТИРИЧИЛИККЕ ТУРУКТУУ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

## КАЛКТЫН САНЫ

5,4 — 2010

6,4 — 2018

млн. адам

1/3 калк

2,2 млн. адам шаар конуштарында жашашат

15 жана андан жогорку жаштагы калктын **49%** коомдук унаага жетүүнү ыңгайлуу деп эсептешет

Ташып чыгарылган катуу тиричилик калдыктарынын **73%** Бишкек, Ош шаарларына жана Чүй облусуна туура келет

жылына 1 адамга **171,4 кг** катуу калдыктар түзүлөт

## КАЛКТУУ КОНУШТАРДАГЫ ЖАШЫЛ КӨЧӨТТӨРДҮН ЖАНА МАССИВДЕРДИН АЯНТЫ

*(1000 адамга гектар)*

**Кыргыз Республикасы** 1,7



# 11-МАКСАТ. ШААРЛАРДЫ ЖАНА КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫ АЧЫК, КООПСУЗ, ТИРИЧИЛИККЕ ТУРУКТУУ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ

Шаарлар-интеллектуалдык ишмердүүлүктүн, соода, маданият, илим, өндүрүштүк эмгектин, социалдык өнүгүүнүн жана көптөгөн башка маанилүү нерселердин борбору болуп эсептелет. Оң өнүгүү жагында шаарлар адамдарга социалдык жана экономикалык жактан өнүгүүгө мүмкүндүк берет. Урнанизациялоо чакырыктарына жооп берүү үчүн шаарды натыйжалуу пландоону жана башкарууну ишке ашыруу зарыл.

Бирок, ага удаа эле шаардык чарбаны башкаруу процессинде жумуш орундарын түзүүгө жана жердин жана ресурстардын түгөнбөй гүлдөшүнө басым жасоо менен, дагы башка бир катар көйгөйлөр келип чыгат. Жалпы шаардык көйгөйлөргө калктын көптүгү, негизги кызматтарды көрсөтүүгө каражаттын жетишсиздиги, тийиштүү турак жайдын жоктугу жана инфраструктуранын бузулушу кирет.

Шаарлардын алдында турган көйгөйлөр ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнүн булганышын жана жакырчылыкты кыскартуунун эсебинен прогрессивдүү өнүгүү жана өсүү жолунда чечилиши мүмкүн. Ар бир адам үчүн биз каалаган келечек мүмкүнчүлүктөрү бар шаарлардын болушун, негизги кызматтарга жетүүнү, тийиштүү энергия менен камсыздоону, турак-жайларды, транспортторду жана башка көптөгөн нерселерди билдирет.

**Милдеттер:**

11.1 2030-жылга карата жетиштүү, коопсуз жана арзан турак жайга жана негизги кызмат көрсөтүүлөргө жалпы жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо жана жакыр райондорду көрктөндүрүү.

11.2 2030-жылга карата жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуунун негизинде бардык адамдар коопсуз, арзан, жеткиликтүү жана экологиялык туруктуу транспорттук тутумдарды пайдалана алышын камсыздоо, атап айтканда аярлуу абалда турган адамдардын, аялдардын, балдардын, майыптардын жана улгайган адамдардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруу менен коомдук транспортту пайдаланууну кеңейтүү.

11.3 2030-жылга карата бардык өлкөлөрдө бардык адамдар үчүн ачык жана экологиялык туруктуу урбанизациянын масштабдарын жана калктуу пункттарды комплекстүү жана туруктуу пландоо жана кеңири катышуунун негизинде аларды башкаруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү.

11.4 Бүткүл дүйнөлүк маданий жана жаратылыш мурастарын коргоо жана сактоо боюнча аракеттерди активдештирүү.

11.5 2030-жылга карата калктын аз камсыз болгон жана аярлуу топторун коргоого өзгөчө көңүл буруу менен, кырсыктардын жыйынтыгында, анын ичинде суу менен байланыштуу кырсыктарда өлгөн жана жабыркаган адамдардын санын кыйла кыскартуу жана дүйнөлүк ички дүң продуктуну жоготуулар түрүндөгү түз экономикалык чыгашаларды кыйла азайтуу.

11.6 2030-жылга карата калктын жан башына эсептөө менен шаарлардын терс экологиялык таасирин азайтуу, анын ичинде абанын сапатына жана шаардагы жана башка калдыктарды тазалоого өзгөчө көңүл буруу аркылуу азайтуу.

11.7 2030-жылга карата бардык адамдар үчүн коопсуз, жеткиликтүү жана ачык жашыл зоналарга жана коомдук жайларга жалпы, өзгөчө аялдар жана балдар, улгайган адамдар жана майыптар үчүн жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо.

11.a Улуттук жана аймактык өнүктүрүүнү пландоонун сапатын жогорулатуунун негизинде шаардык, шаар сыртындагы жана айылдык райондордун ортосундагы позитивдүү экономикалык, социалдык жана экологиялык байланышты колдоо.

11.b 2020-жылга карата социалдык тоскоолдуктарды жоюуга, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга, климаттын өзгөрүүлөрүнүн кесепеттерин жумшартууга, анын өзгөрүүлөрүнө ыңгайлашууга багытталган комплекстүү стратегияларды жана пландарды кабыл алган жана ишке ашырган шаарлардын жана калктуу пункттардын санын жана жаратылыш кырсыктарына каршы турууга жөндөмдүүлүктү кыйла жогорулатуу жана 2015-2030-жылдары кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү боюнча Сендай алкактык программасына ылайык бардык деңгээлдерде кырсыктар жана тобокелдиктер менен байланыштуу комплекстүү башкаруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана киргизүү.

11.c Начар өнүккөн өлкөлөргө көмөк көрсөтүү, анын ичинде жергиликтүү материалдарды пайдалануу менен экологиялык туруктуу жана бекем имараттарды курууда финансылык жана техникалык жардам аркылуу көмөк көрсөтүү.

**17–график.** Коомдук транспортко ыңгайлуу жеткилиги бар калктын үлүшү
*(15 жаштагы жана андан улуу калктын санына карата пайыздар менен)*




**11.2.1.** Коомдук транспортко ыңгайлуу жеткилиги бар калктын үлүшү
*(15 жаштагы жана андан улуу калктын санына карата пайыздар менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 48,5 |
| *Жашаган жери боюнча* | |
| Шаар конуштары | 66,0 |
| Айыл жергеси | 38,1 |
| *Жынысы боюнча* | |
| Эркектер | 47,9 |
| Аялдар | 49,0 |

| | 2018 |
|---|---|
| ***Курагы боюнча*** | |
| Жаштар (15-28 жаш) | 48,4 |
| Эмгек жарамдуу курактагы чоң адамдар | 48,9 |
| Эмгекке жарамдуу курактан улуу | 48,1 |
| ***Билим деңгээли боюнча*** | |
| Баштапкы жана төмөнкү | 48,2 |
| Жалпы негизги | 51,2 |
| Жалпы орто | 42,7 |
| Кесиптик орто /жалпы | 55,4 |
| Жогорку кесиптик | 56,0 |
| ***Аймак боюнча*** | |
| Баткен облусу | 32,9 |
| Жалал-Абад облусу | 18,3 |
| Ысык-Көл облусу | 72,5 |
| Нарын облусу | 39,3 |
| Ош облусу | 39,6 |
| Талас облусу | 42,2 |
| Чүй облусу | 63,1 |
| Бишкек ш. | 67,7 |
| Ош ш. | 94,6 |

*УЧИИ маалыматтары боюнча.*

15 жана андан жогорку жаштагы өлкөнүн калкынын 49 пайызы гана коомдук транспорттор-го жетүүнү ыңгайлуу деп эсептешет, бул төмөнкү критерийлер менен аныкталат: аялдамага чейинки жол, коомдук транспорт кыймылынын аралыгы, коомдук транспорттун абалы жана жайлуулугу жана расмий түрдө таанылган аялдама үйдөн 0,5 км аралыкта жайгашкандыгы.

**11.5.1.** Кырсыктардын натыйжасында өлгөндөрдүн саны *(адам)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **158** | **62** | **53** | **47** | **141** | **18** |
| Эркектер | 106 | 39 | 33 | 37 | 85 | 14 |
| Аялдар | 52 | 23 | 20 | 10 | 56 | 4 |
| Баткен облусу | 15 | 3 | 1 | 9 | - | - |
| Эркектер | 11 | 3 | 1 | 7 | - | - |
| Аялдар | 4 | - | - | 2 | - | - |
| Жалал-Абад облусу | 32 | 17 | 11 | 13 | 43 | 4 |
| Эркектер | 21 | 11 | 5 | 9 | 29 | 4 |
| Аялдар | 11 | 6 | 6 | 4 | 14 | - |
| Ысык-Көл облусу | 15 | 25 | 6 | 2 | 6 | 2 |
| Эркектер | 10 | 16 | 5 | 1 | 6 | 1 |
| Аялдар | 5 | 9 | 1 | 1 | - | 1 |
| Нарын облусу | 7 | 2 | 9 | 1 | 2 | - |
| Эркектер | 4 | 2 | 6 | 1 | 2 | - |
| Аялдар | 3 | - | 3 | - | - | - |

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 19 | - | 10 | 1 | 35 | 1 |
| Эркектер | 12 | - | 7 | 1 | 17 | 1 |
| Аялдар | 7 | - | 3 | - | 18 | - |
| Талас облусу | 4 | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 3 | - | - | - | - | - |
| Аялдар | 1 | - | - | - | - | - |
| Чүй облусу | 46 | 13 | 15 | 14 | 55 | 10 |
| Эркектер | 32 | 7 | 8 | 11 | 31 | 7 |
| Аялдар | 14 | 6 | 7 | 3 | 24 | 3 |
| Бишкек ш. | 14 | 2 | - | 7 | - | - |
| Эркектер | 9 | - | - | 7 | - | - |
| Аялдар | 5 | 2 | - | - | - | - |
| Ош ш. | 6 | - | 1 | - | - | 1 |
| Эркектер | 4 | - | 1 | - | - | 1 |
| Аялдар | 2 | - | - | - | - | - |

*ӨКМ маалыматтары боюнча.*

Кыргыз Республикасы өзүнүн географиялык жайгашуусунан улам көп сандаган табигый кырсыктарга дуушарланган мамлекет болуп саналат. Олуттуу геологиялык, техногендик, климаттык коркунучтар жана климаттын глобалдуу өзгөрүү проблемалары республиканын калкына жана экономикасына дайыма терс таасирин тийгизүүдө. Калк жана инфратүзүм кырсык коркунучунун алдында алсыз.

Сейсмикалык коркунучтуу деп классификацияланган 80ден ашык ири калктуу конуштар жер титирөөнүн мүмкүн болгон борборлорунун зонасында жайгашкан, алардын интенсивдүүлүгү 8- 9 же андан ашык баллга жетиши мүмкүн. Аларда республика калкынын 75 пайызы жашайт.

### **11.5.2.** Улуттук ИДП карата пайыздык катыш менен кырсыктардан түздөн-түз экономикалык жоготуулар

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **0,23** | **0,11** | **0,53** | **0,21** | **0,19** | **0,21** |
| Баткен облусу | 0,33 | 0,25 | 3,44 | 2,21 | 0,75 | 1,04 |
| Жалал-Абад облусу | 1,15 | 0,07 | 0,17 | 0,44 | 0,20 | 0,11 |
| Ысык-Көл облусу | 0,00 | 0,69 | 0,02 | 0,17 | 0,13 | 0,11 |
| Нарын облусу | 1,65 | 0,04 | 0,21 | 0,16 | 0,09 | 0,01 |
| Ош облусу | 0,20 | 0,00 | 4,30 | 0,05 | 0,70 | 0,03 |
| Талас облусу | 0,30 | 0,01 | 0,06 | 0,52 | 0,09 | 0,00 |
| Чүй облусу | 0,01 | 0,03 | 0,03 | 0,12 | 0,23 | 0,01 |
| Бишкек ш. | - | - | 0,03 | 0,05 | 0,01 | 0,37 |
| Ош ш. | - | - | 0,62 | 0,00 | 0,20 | - |

*ӨКМ маалыматтары боюнча.*

**11.6.1.1.** Ташылып чыгарылган катуу тиричилик таштандылардын көлөмү
*(бир адамга эсептегендеги килограмм)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бир адамга эсептелген катуу тиричилик таштандылар ташылып чыгарылды | 214,6 | 178,3 | 195,2 | 170,9 | 165,1 | 171,4 |

Калктын киши башына таштандыларды чыгаруунун интенсивдүүлүгүнүн жогорулашы социалдык мамилелерде жана өндүрүштүк циклдерде оң өзгөрүүлөрдүн жоктугун мүнөздөйт жана калк үчүн кошумча социалдык чараларды көрүүнү, өнөр жайга экономикалык дем берүү жана мамлекет тарабынан экологиялык көзөмөлдүн күчөтүлүшүн талап кылат.

2018-жылы ташып чыгарылган катуу тиричилик калдыктарынын 73 пайызга жакыны Бишкек, Ош шаарларына жана Чүй облусуна туура келген.

**11.7.1.1а.** Калктуу конуштардагы жашыл көчөттөрдүн жана массивдердин аянты
*(1000 адамга, гектарга эсептегенде)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **1,8** | **1,7** | **1,8** | **1,7** | **1,7** |
| Баткен облусу | 0,3 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,2 |
| Жалал-Абад облусу | 0,8 | 0,8 | 0,9 | 0,9 | 0,9 |
| Ысык-Көл облусу | 1,4 | 1,3 | 1,4 | 0,4 | 0,4 |
| Нарын облусу | 1,4 | 1,5 | 1,6 | 1,7 | 1,9 |
| Ош облусу | 0,3 | 0,3 | 0,4 | 0,4 | 0,5 |
| Талас облусу | 0,8 | 0,8 | 0,8 | 0,8 | 0,8 |
| Чүй облусу | 2,2 | 2,1 | 2,1 | 2,1 | 2,1 |
| Бишкек ш. | 5,3 | 5,1 | 5,1 | 5,0 | 4,7 |
| Ош ш. | 3,8 | 3,6 | 3,6 | 3,5 | 3,6 |

Бак-дарактар санитардык-гигиеналык жана социалдык жактан зор мааниге ээ. Жашыл бак-дарактардын маанилүү гигиеналык өзгөчөлүгү жылуулук жана радиациялык режимдерди жөнгө салууда, тышкы чөйрөнүн жагымдуу шарттарын камсыздоочу микроклиматты түзүүдө чагылдырылат. Жашыл бак-дарактардын мааниси, алар калктуу конуштарды чаңдан, газдардан, шамалдан жана ызы-чуудан коргоонун кубаттуу фактору экендигинде. Мындан тышкары, алар адамдын борбордук нерв системасынын сезимдерин өркүндөтүп, анын ден-соолугун жакшыртышат.

Жайкы күндөрдө ачык мейкиндиктердин температура режиминин жумшартылышына жашыл бак-дарактардын таасири эки маанилүү фактор менен аныкталат: биринчиден, жашыл бак-дарактар туура жайгаштырылганда, дубалдардын, топурактын жана жасалма каптоолордун бетин күн нурунан коргойт, экинчиден, күн нурунун олуттуу чагылышынан жана нымдын чоң бууланусунан улам, жашыл түстөгү кыртыштын бетинин температурасы ачык топурактын температурасы, жасалма каптоо жана таш дубалынын температурасы сыяктуу жогорку мааниге жетпейт.

Республикада 1000 адамга алганда орто эсеп менен 1,7 гектар жашыл бак-дарактар туура келет. Аймактарда, Бишкек шаарында жана Ысык-Көл облусунда бул көрсөткүчтүн туруктуу маанисинин алкагында, анын төмөндөшү байкалууда.

Натыйжада, Бишкек шаарынын индустриалдык райондорунда 2018-жылы азот диоксидинин чектүү жол берилген концентрациясынын учурларынын санынын ашып кеткендиги (61 пайыз) катталган.

# КЕРЕКТӨӨНҮН ЖАНА ӨНДҮРҮҮНҮН САРАМЖАЛДУУ МОДЕЛДЕРИНЕ ӨТҮҮНҮ КАМСЫЗДОО

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018- жыл үчүн Улутстаткомдун, ӨКМ жана КРӨ караштуу СРМАнын маалыматтары

Кыргызстан - Борбор Азиядагы **суу ресурстары** дээрлик толугу менен өз аймагында түзүлгөн жалгыз мамлекет

Суу ресурстардын чоң көлөмү

**6 580 мөңгүдө** топтолгон

**760 млрд. м³**

ЖАЛПЫ АЛЫНГАН СУУНУН **2 085,2 млн. м³**

ташуу учурундагы СУУНУН ЧЫГЫМЫ **27%**

Жалпы алынган суу **7758,0** млн м³

Жалпы көлөмү **307,12 млн. м³** болгон уулуу жана радиоактивдүү калдыктары бар

**92** объект

кыртыш ачылган, бош тектер жана стандарттык эмес рудалардын **100** төгүнү

РАДИОАКТИВДҮҮ КАЛДЫКТАРДЫН ЖАЛПЫ МАССАСЫ **2 млрд. тонна болгон**

# 12-МАКСАТ. КЕРЕКТӨӨНҮН ЖАНА ӨНДҮРҮҮНҮН САРАМЖАЛДУУ МОДЕЛДЕРИНЕ ӨТҮҮНҮ КАМСЫЗДОО

Туруктуу керектөө жана өндүрүш – ресурстардын жана энергиянын натыйжалуу пайдаланышын, туруктуу инфраструктуранын түзүлүшүн, негизги социалдык тейлөө кызматтарына жетүүнү камсыз кылууну, "жашыл" жана жакшы жумушчу орундарын жана бардык адамдар үчүн жашоонун жогорку сапатын талап кылат. Бул программаны ишке ашыруу өнүгүүнүн жалпы пландарын аткарууга, экономикалык, экологиялык жана социалдык чыгымдарды кыскартууга, экономикалык атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатууга жана жакырчылыктын денгээлин кыскартууга жардам берет.

Бүгүнкү күндө жаратылыш ресурстарын керектөө деңгээли өсүп жатат, көптөгөн мамлекеттер абанын, суунун жана топурактын булгануусу жаатында көйгөйлөргө туш болушууда.

Туруктуу керектөө жана өндүрүш "мурдагыдан да аз каражаттарды колдонуп, жакшы жасоого", ресурстарды пайдалануу көлөмүн азайтуунун, жердин жакырланышын жана айлана-чөйрөнүн булганышын төмөндөтүүнүн эсебинен жыргалчылык деңгээлин колдоо жана жашоонун сапатын жогорулатуу үчүн экономикалык ишмердүүлүктөн түшкөн таза пайданы көбөйтүүгө багытталган. Бул үчүн, жеткирүү түйүнүнүн катышуучуларынын - өндүрүүчүдөн баштап акыркы керектөөчүгө чейин системалуу мамилени жана кызматташууну талап кылат. Бул туруктуу керектөө жана жашоо мүнөзү маселелери боюнча билим берүү жана окутуу демилгелери аркылуу керектөөчүнүн катышуусун камтыйт; стандартташтыруу жана маркалоо аркылуу керектөөчүлөрдү жетиштүү маалымат менен камсыз кылуу; туруктуулук принциптерине негизделген мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу жана башкалар.

**Милдеттер:**

12.1 Бардык өлкөлөрдүн катышуусу менен керектөөнүн жана өндүрүүнүн сарамжалдуу моделдерин пайдаланууга өтүү боюнча аракеттердин Он жылдык стратегиясын ишке ашыруу, мында биринчиден болуп ага өнүккөн өлкөлөр кириши керек жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн өнүгүүсүн жана дараметин эске алуу менен ишке ашыруу.

12.2 2030-жылга карата жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу өздөштүрүүгө жана натыйжалуу пайдаланууга жетишүү.

12.3 2030-жылга карата калктын жан башына эсептөө менен чекене жана керектөө деңгээлдеринде тамак-аш калдыктарынын жалпы дүйнөлүк өлчөмүн эки эсе кыскартуу жана өндүрүштүк-сатуу чынжырында азык-түлүктү жоготууларды, анын ичинде жыйнагандан кийинки жоготууларды азайтуу.

12.4 2020-жылга карата химиялык заттарды жана бардык калдыктарды алардын жашоо циклинин аралыгында макулдашылган эл аралык принциптерге ылайык экологиялык сарамжалдуу пайдаланууга жетишүү жана алардын адамдын ден-соолугуна жана курчап турган чөйрөгө терс таасирин азайтуу үчүн алардын абага, сууга жана кыртышка түшүүсүн кыскартуу.

12.5 2030-жылга карата калдыктардын пайда болушунун алдын алуу, аларды азайтуу, кайра иштетүү жана кайра пайдалануу боюнча чараларды көрүү аркылуу алардын көлөмүн кыйла азайтуу.

12.6 Компанияларга, өзгөчө ири улуттар аралык компанияларга өндүрүүнүн туруктуу методдорун колдонууну жана өзүнүн отчетторунда ресурстарды сарамжалдуу пайдаланыу жөнүндө маалыматты чагылдырууну сунуштоо.

12.7 Улуттук стратегияларга жана артыкчылыктарга ылайык мамлекеттик сатып алуулардын туруктуук практикасын камсыздоого көмөктөшүү.

12.8 2030-жылга карата дүйнө жүзүндөгү адамдардын туруктуу өнүгүү жана жаратылыш менен шайкештиктеги жашоо образы жөнүндө тиешелүү маалыматтарга ээ болуусун камсыздоо.

12.a Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө керектөөнүн жана өндүрүүнүн сарамжалдуу моделдерине өтүү үчүн алардын илимий-техникалык дараметин өстүрүүдө жардам көрсөтүү.

12.b Жумушчу орундарын түзүүгө, жергиликтүү маданиятты өнүктүрүүгө жана жергиликтүү продукцияны өндүрүүгө шарт түзө турган, туруктуу туризм менен туруктуу өнүгүүгө көрсөтүүлүүчү таасир этүү мониторингинин куралын иштеп чыгуу жана киргизүү.

12.c Ысырапкорчулук менен керектөөгө алып келүүчү казылып алынуучу отунду пайдалануунун натыйжалуулугу менен айырмаланган субсидиялоону улуттук шарттарды эске алуу менен рыноктук диспропорцияларды жоюу аркылуу, анын ичинде салык салуууну кайра уюштуруу жана алардын экологиялык кесепеттерин эсепке алуу үчүн, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн өзгөчө керектөөлөрүн жана шарттарын көңүлгө алуу менен жана калктын муктаж жана аярлуу топторунун кызыкчылыктарын коргоо үчүн, аларды өнүктүрүү үчүн терс кесепеттерди минимумга жеткирүү менен, акырындык менен зыяндуу субсидиялардан баш тартуу аркылуу сарамжалдаштыруу.

**18–график.** Кооптуу калдыктардын пайда болушу (1-3-кооптуулук классы), миң тонна




**19–график.** 1 адамга эсептегенде коркунучтуу калдыктардын пайда болушу килограмм / адам




**12.4.2.** Калктын киши башына карата коркунучтуу калдыктардын түзүлүшу

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| Кооптуу калдыктардын пайда болушу (1-3-кооптуулук классы), миң тонна | 10 455,8 | 12 332,6 | 12 610,3 | 12 002,6 |
| 1 адамга эсептегенде коркунучтуу калдыктардын пайда болушу килограмм / адам | 1 737,0 | 2 008,5 | 2 015,5 | 1 878,5 |

Коркунучтуу калдыктардын пайда болушу-бул өндүрүштүн жана керектөөнүн 1-3-класстарынын белгилүү бир мезгилде калктын киши башына түзүлгөн калдыктарынын саны. "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бардык коркунучтуу калдыктар адамга жана айлана-чөйрөгө зыяндуу таасиринин деңгээли боюнча класстарга бөлүнөт. Өндүрүш жана керектөө калдыктары коркунучтун беш классы-

на бөлүнөт: биринчи класс - өтө коркунучтуу заттар (калдыктар), экинчи класс - өтө кооптуу заттар (калдыктар), үчүнчү класс - кооптуу заттар (калдыктар), төртүнчү класс - аз кооптуу заттар (калдыктар), бешинчи класс - дээрлик кооптуу эмес заттар (калдыктар).

2018-жылы Кыргыз Республикасында бир адамга 1,9 тонна коркунучтуу калдыктар түзүлгөн. Коркунучтуу калдыктардын кыйла көлөмү Ысык-Көл облусуна туура келет.

13 КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ

# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ БОЮНЧА КҮРӨШҮҮНҮН ШАШЫЛЫШ ЧАРАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018- жыл үчүн Улутстаткомдун, ӨКМ жана КЧКТЧМАнын маалыматтары

Кыргыз Республикасы тарабынан **2000-жылдын майында** БУУнун климаттын өзгөрүшү боюнча алкактык конвенциясы (БУУ КӨАК) ратификацияланган

**600** калктуу конуш ар кандай деңгээлдеги жер көчкү процесстерине дуушар болууда

ПОТЕНЦИАЛДУУ КООПТУУ ЖЕРЛЕРДЕ **10 000** чейин турак-жайлар жайгашкан

Республиканын аймагында **5 000 ашуун** жер көчкү коркунучу бар участоктор бар

ӨЛКӨДӨ

**3 900 жакын** сел бассейни бар

**200** бийик тоолуу көлдөрдүн жырып кетүү ыктымалдыгы жогору

**300** калктуу конуштар коркунуч алдында турат

Сейсмикалык коркунучтуу деп классификацияланган **80 ден ашык** ИРИ КАЛКТУУ КОНУШТАР жер титирөөнүн мүмкүн болгон борборлорунун зонасында жайгашкан, алардын интенсивдүүлүгү **8-9** же андан ашык баллга жетиши мүмкүн.



АЛАРДА КАЛКТЫН **75%** жашайт

**2014 - 2018-жылдары республиканын аймагында** ар кандай мүнөздөгү **1 092** өзгөчө кырдаал катталган

Өзгөчө кырдаалдардан келтирилген МАТЕРИАЛДЫК ЧЫГЫМ **6 млрд. сомду** түздү

**Акыркы беш жылдын ичинде** кырсыктардын кесепетинен **321** адам каза болгон

# 13-МАКСАТ. КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ ЖАНА АНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ БОЮНЧА КҮРӨШҮҮНҮН ШАШЫЛЫШ ЧАРАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ

Экономикалык өсүш жана калктын санынын өсүшү менен шартталган климаттын өзгөрүшү ар бир континенттеги ар бир мамлекетте адамдарга жана жаратылыш системаларына кеңири таасирин тийгизүүдө. Абанын жана океандын температурасы көтөрүлүп, кар менен муздун көлөмү азайып, деңиз деңгээли көтөрүлдү. Учурдагы божомолдорго ылайык, 21-кылымдын аралыгында жер бетинин температурасы жогорулай берет.

Климаттын өзгөрүлүшү экономикалык өнүгүүгө, табигый ресурстарга жана жакырчылык менен күрөшүүгө кыйла таасирин тийгизгендиктен, бул маселени чечүү туруктуу өнүгүүнүн ажырагыс бир бөлүгү болуп калды. Бул маселени чечүү үчүн анча кымбат эмес жана масштабдуу чечүү ыкмаларын табуу акыркы он жылдыктардын жетишкендиктерин сактап, өлкөлөргө өнүгүп кете алган экономиканы камсыз кылат.

**Милдеттер:**

1. Бардык өлкөлөрдө кооптуу климаттык көрүнүштөргө жана жаратылыш кырсыктарына каршы туруу жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.
2. Климаттын өзгөрүүсүнө жооп кылуу чараларын улуттук деңгээлдеги саясатка, стратегияларга жана пландоого киргизүү.
3. Климаттын өзгөрүшүнүн курчтугун жумшартуу жана кесепеттерин начарлатуу, аларга ыңгайлаштыруу жана эрте алдын алуу боюнча адамдарды жана мекемелерди агартууну, маалымат жайылтууну жана мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу.
4. Бириккен Улуттар Уюмунун климаттын өзгөрүшү жөнүндө алкактык конвенциясынын катышуучусу болуп саналган өнүккөн өлкөлөр өздөрүнө алган 2020-жылга карата жалпы аракет менен климаттын өзгөрүшүнүн курчтугун жана кесепеттерин жумшартуу боюнча чара көрүү контекстинде өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн бардык булактардан жыл сайын 100 млрд. АКШ долл. мобилизациялоо максатына жетүү жана аларды ишке ашыруунун айкындуулугун камсыздоо милдеттенмесин аткаруусу, ошондой эле мүмкүн болгон кыска мөөнөттө аны капиталдаштыруу менен Жашыл климаттык фонддун толук масштабдуу иштөөсүн камсыздоо.
5. Начар өнүккөн өлкөлөрдө жана чакан арал өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде климаттын өзгөрүшү менен байланыштуу пландоо жана башкаруу мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө боюнча механизмдерди түзүүгө көмөктөшүү, мында аялдарга, жаштарга, ошондой эле жергиликтүү жана маргиналдашкан жамааттарга өзгөчө көңүл буруу.

Республиканын аймагында 5 000 ашуун жер көчкү коркунучу бар участоктор бар. 600 калктуу конуш ар кандай деңгээлдеги жер көчкү процесстерине дуушар болууда. Потенциалдуу кооптуу жерлерде 10 миңге чейин турак-жайлар жайгашкан. Өлкөдө 3900гө жакын сел бассейни бар, 200 бийик тоолуу көлдөрдүн жырып кетүү ыктымалдыгы жогору, 300 калктуу конуштар коркунуч алдында турат. Акырындык менен өнүгүп жаткан коркунучтардын 8 түрүнүн ичинен 6сы республиканын аймагында орун алган. Буга жердин деградациясы жана токой оорулары, температуранын жогорулашы, дарыялар агымынын режиминдеги өзгөрүүлөр, мөңгүлөрдүн аянтынын төмөндөшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн өзгөрүшү жана кургакчылыктын айрым белгилери кирет.

**13.1.1.** Жынысы жана аймагы боюнча кырсыктын натыйжасында каза болгондордун саны *(адам)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **158** | **62** | **53** | **47** | **141** | **18** |
| Эркектер | 106 | 39 | 33 | 37 | 85 | 14 |
| Аялдар | 52 | 23 | 20 | 10 | 56 | 4 |
| Баткен облусу | 15 | 3 | 1 | 9 | - | - |
| Эркектер | 11 | 3 | 1 | 7 | - | - |
| Аялдар | 4 | - | - | 2 | - | - |
| Жалал-Абад облусу | 32 | 17 | 11 | 13 | 43 | 4 |
| Эркектер | 21 | 11 | 5 | 9 | 29 | 4 |
| Аялдар | 11 | 6 | 6 | 4 | 14 | - |
| Ысык-Көл облусу | 15 | 25 | 6 | 2 | 6 | 2 |
| Эркектер | 10 | 16 | 5 | 1 | 6 | 1 |
| Аялдар | 5 | 9 | 1 | 1 | - | 1 |
| Нарын облусу | 7 | 2 | 9 | 1 | 2 | - |
| Эркектер | 4 | 2 | 6 | 1 | 2 | - |
| Аялдар | 3 | - | 3 | - | - | - |
| Ош облусу | 19 | - | 10 | 1 | 35 | 1 |
| Эркектер | 12 | - | 7 | 1 | 17 | 1 |
| Аялдар | 7 | - | 3 | - | 18 | - |
| Талас облусу | 4 | - | - | - | - | - |
| Эркектер | 3 | - | - | - | - | - |
| Аялдар | 1 | - | - | - | - | - |
| Чүй облусу | 46 | 13 | 15 | 14 | 55 | 10 |
| Эркектер | 32 | 7 | 8 | 11 | 31 | 7 |
| Аялдар | 14 | 6 | 7 | 3 | 24 | 3 |
| Бишкек ш. | 14 | 2 | - | 7 | - | - |
| Эркектер | 9 | - | - | 7 | - | - |
| Аялдар | 5 | 2 | - | - | - | - |
| Ош ш. | 6 | - | 1 | - | - | 1 |
| Эркектер | 4 | - | 1 | - | - | 1 |
| Аялдар | 2 | - | - | - | - | - |

*ӨКМ маалыматтары боюнча.*

Кыргыз Республикасы өзүнүн географиялык жайгашуусунан улам көп сандаган табигый кырсыктарга дуушарланган мамлекет болуп саналат. Олуттуу геологиялык, техногендик, климаттык коркунучтар жана климаттын глобалдуу өзгөрүү проблемалары республиканын калкына жана экономикасына дайыма терс таасирин тийгизүүдө. Калк жана инфратүзүм кырсык коркунучунун алдында алсыз.

Сейсмикалык коркунучтуу деп классификацияланган 80ден ашык ири калктуу конуштар жер титирөөнүн мүмкүн болгон борборлорунун зонасында жайгашкан, алардын интенсивдүүлүгү 8- 9 же андан ашык баллга жетиши мүмкүн. Аларда республика калкынын 75 пайызы жашайт.

2014-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилде республикада Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги ар кандай мүнөздөгү 1 092 өзгөчө кырдаалдарды каттаган, алардын кесепетинен 321 адам каза болгон. Өзгөчө кырдаалдардан келтирилген материалдык чыгым болжол менен 6 миллиард сомду түздү.

Катталган өзгөчө кырдаалдардын түрлөрү төмөндөө иретинде бөлүштүрүлөт: сел жана суу ташкыны, кар көчкү, ири өрт, катуу шамал, ири жол кырсыгы, жер титирөөлөр, жер көчкү, жер астындагы суулардын деңгээли көтөрүлүп жаткан сел жана башкалар.

**13.1.2** 2015–2030 жылдарга карата кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү боюнча Сендай алкагына ылайык кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча улуттук стратегияларды кабыл алган жана жүзөгө ашырган өлкөлөрдүн саны

2015-жылдын март айында Кыргыз Республикасы кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү боюнча Сендай алкагындагы негизги артыкчылыктарды аткарууга милдеттенди, анын алкагында 2018-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкын жана аймактарын өзгөчө кырдаалдардан ар тараптуу коргоо Концепциясы кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы № 58 токтому менен бекитилген жана 2018-2022-жылдарга ишке ашыруу планы иштелип чыккан.

# 14-МАКСАТ. ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНДА ОКЕАНДАРДЫ, ДЕҢИЗДЕРДИ ЖАНА ДЕҢИЗ РЕСУРСТАРЫН САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ ЖАНА САКТОО

Дүйнөлүк океандар, алардын температурасы, аларда өтүп жаткан химиялык процесстер, агымдары жана жалпы жашоосу глобалдуу системалардын аракеттерин аныктап, Жер шарын адамзаттын жашоосу үчүн жарактуу кылат. Жаан суусу, ичүүчү таза суу, аба ырайы, климат, жээк сызыгы, тамагыбыздын көп бөлүгү, керек болсо биз дем алып жаткан абадагы кычкылтек – бардыгы тең деңизден пайда болот жана деңиз аркылуу жөнгө салынат. Адамзаттын тарыхында деңиз менен океандар өтө эле маанилүү соода жана жүк ташуу жолдору катары кызмат кылган. Мына ушул өтө маанилүү ресурсту рационалдуу пайдалануу – туруктуу келечектин кепили.

Климаттын өзгөрүшүнүн барган сайын терс таасирлери (океандын кычкылданышын кошо алганда), балыктардын промыслолук түрлөрүн кармоо жана деңиз чөйрөсүнүн булганыусу дүйнөлүк океандарды коргоонун акыркы жетишкендиктерине коркунуч келтирип жатат.

Океандын кычкылдануусу суудагы карбонаттык курамдын өзгөрүшү менен тыгыз байланышта, бул көптөгөн деңиз түрлөрүнүн раковиналары менен скелеттеринин кескин жука болушуна алып келиши мүмкүн (мисалы, раковиналары бар риф жаратуучу шурулар жана моллюскалар). Ачык океандагы жана дүйнө жүзүндөгү жээк аймактардагы деңиз чөйрөсүнүн кычкылдуулугун изилдөө учурдагы кычкылдуулук мааниси көбүнчө өнөр жайга чейинки көрсөткүчтөрдөн ашып кеткендигин көрсөтөт.

### Милдеттер:

14.1 2025-жылга карата деңиз чөйрөсүнүн булгануусунун, өзгөчө кургактагы ишмердиктин жыйынтыгында булгануусунун, анын ичинде деңиз таштандылары жана азыктык заттар менен булгануусунун алдын алууну жана олуттуу кыскартууну камсыздоо.

14.2 2020-жылга карата олуттуу терс таасирлерди токтотуу максатында деңиздерди жана жээктердеги экотутумдарды сарамжалдуу пайдаланууну жана коргоону, анын ичинен бул эко тутумдардын туруктуулугун жогорулатуу жолу менен камсыздоо жана океандардын жакшы экологиялык абалын жана продуктивдүүлүгүн камсыздоо үчүн аларды калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүү.

14.3 Океандын кычкылдануусун минималдаштыруу жана кесепеттерин жоюу, анын ичинде бардык деңгээлдерде илимий кызматташтыкты өнүктүрүү аркылуу жоюу.

14.4 2020-жылга карата балыктардын запасын мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө калыбына келтирүү, бул запастардын биологиялык мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен максималдуу натыйжалуу экологиялык сарамжалдуу кармоону камсыздоого жөндөмдүү болгон деңгээлдерге жеткирүү үчүн балык кармоону натыйжалуу жөнгө салууну камсыздоо жана ашыкча кармоону, мыйзамсыз, билдирилбеген жана жөнгө салынбаган балык кармоону жана түгөтүүчү балык кармоо практикасын токтотуу, ошондой эле чарбалык ишмердүүлүктүн илимий жактан негизделген пландарын аткаруу.

14.5 2020-жылга карата улуттук мыйзамдарга жана эл аралык укукка ылайык жана колдонуудагы эң мыкты илимий маалыматтардын негизинде жээктердин жана деңиз райондорунун эң аз болгондо 10 пайызын жаратылышты коргоо чаралары менен камтуу.

14.6 2020-жылга карата ашыкча кубаттуулукту түзүүгө жана бардыгын кармоого көмөктөшүүчү балык өндүрүшү үчүн субсидиялардын айрым формаларына тыюу салуу, мыйзамсыз, билдирилбеген жана жөнгө салынбаган балык өндүрүшүнө көмөктөшкөн субсидияларды токтотуу жана өнүгүп келе жаткан жана начар өнүккөн өлкөлөргө карата өзгөчө жана дифференциацияланган режимди талаптагыдай жана натыйжалуу колдонуу Дүйнөлүк соода уюмунун алкагында балык өндүрүшүн субсидиялоо жөнүндө маселе боюнча сүйлөшүүлөрдүн бир бөлүгү болушу керектигин таануу менен мындай жаңы субсидияларды киргизүүдөн карману.

14.7 2030-жылга карата деңиздин ресурстарын экологиялык сарамжалдуу пайдалануудан, анын ичинен балык чарбасын, аквамаданиятты жана туризмди экологиялык сарамжалдуу пайдалануу аркылуу өнүгүп жаткан чакан арал мамлекеттердин жана азыраак өнүккөн мамлекеттердин алган экономикалык кирешесин жогорулатуу.

14.a Океан чөйрөсүнүн экологиялык абалын жакшыртуу жана өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн, өзгөчө өнүгүп жаткан чакан арал мамлекеттердин өнүгүшүнө деңиздин биологиялык ар түрдүүлүгүнүн салымын жогорулатуу үчүн Өкмөттөр аралык океанографиялык комиссия тарабынан иштелип чыккан деңиз технологияларын өткөрүп берүүгө тиешелүү критерийлерди жана жетектөөчү принциптерди көңүлгө алуу менен илимий билимдердин көлөмүн көбөйтүү, илимий изилдөөлөрдү кеңейтүү жана деңиз технологияларын өткөрүп берүүнү камсыздоо.

14.b Кол менен балык уулаган майда чарбалардын деңиз ресурстарына жана рынокторго жетүүсүн камсыздоо.

14.c Бириккен Улуттар Уюмунун Деңиз укугу боюнча конвенциясына бекитилген Эл аралык укуктун ченемдерин сактоо жолу менен океандарды жана алардын ресурстарын сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча ишти жакшыртуу, документтин «Биз каалаган келечек» 158-пунктунда Дүйнөлүк океанды жана анын ресурстарын сактоо жана рационалдуу пайдалануу үчүн юридикалык база каралган.

15 КУРГАКТЫКТАГЫ ЭКОСИСТЕМАЛАРЫН САКТОО

# КУРГАКТЫКТАГЫ ЭКОСИСТЕМАНЫ КАЛЫБЫНКА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА САКТОО ЖАНА АЛАРДЫ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ, ТОКОЙЛОРДУ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ, ЧӨЛГӨ АЙЛАНЫП КАЛУУ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ, ЖЕРДИН ДЕГРАДАЦИЯ ПРОЦЕССИН АРТКА КАЙТАРУУ ЖАНА БИОАРТҮРДҮҮЛҮКТҮН ЖОГОЛУУ ПРОЦЕССИН ТОКТОТУУ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018- жыл үчүн Улутстаткомдун жана КЧКТЧМАнын маалыматтары

## ТОКОЙ ФОНДУНУН ЖАЛПЫ АЯНТЫ

**2,6 млн. гектарды**

түздү, анын ичинен

**1,1 млн. гектары**

же өлкөнүн жалпы аянтынын



**5,6%**

токой менен капталган аянтка туура келет

Корголуучу аймактары менен курчалган жерлердин жана агын сууларынын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн

## МААНИЛҮҮ ОБЪЕКТИЛЕРИНИН ЖАЛПЫ АЯНТЫ



Өлкөнүн жалпы аянтынын

**7,4%**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА

**10** мамлекеттик жаратылыш коруктары

**578,5** миң.га

**13** мамлекеттик жаратылыш парктары

**724** миң.га

# 15 – МАКСАТ. КУРГАКТЫКТАГЫ ЭКОСИСТЕМАНЫ КАЛЫБЫНКА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА САКТОО ЖАНА АЛАРДЫ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ, ТОКОЙЛОРДУ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ, ЧӨЛГӨ АЙЛАНЫП КАЛУУ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ, ЖЕРДИН ДЕГРАДАЦИЯ ПРОЦЕССИН АРТКА КАЙТАРУУ ЖАНА БИОАРТҮРДҮҮЛҮКТҮН ЖОГОЛУУ ПРОЦЕССИН ТОКТОТУУ

Токойлор азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылып, жан сактоого жай гана бербестен, алар климаттын өзгөрүлүшү менен күрөшүүдө эң эле маанилүү ролду ойнойт, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жардам берет жана ошол токойлордо жашаган элдердин үйү болуп эсептелет.

Адамдын ишмердүүлүгү менен шартталган токойлордун жер бетинен жоголушу жана чөлдөрдүн пайда болушу жакырчылык менен күрөшүп жаткан миллиондогон адамдардын жашоосуна жана жашоо каражаттарына терс таасирин тийгизет жана туруктуу өнүгүүгө жетүүгө чоң тоскоолдук болуп эсептелет. Учурда токой чарбасын рационалдуу башкарууга жана жердин чөлгө айлануусуна каршы чаралар көрүлүүдө.

**Милдеттер:**

15.1 2020-жылга карата жер үстүндөгү жана ички таза суулуу экотутумдарды жана алардын кызмат көрсөтүүлөрүн, анын ичинен токойлорду, суу-саз чарба жерлерин, тоолорду жана кургак жерлерди эл аралык макулдашуулардан келип чыккан милдеттенмелерге ылайык сактоону, калыбына келтирүүнү жана рационалдуу пайдаланууну камсыздоо.

15.2 2020-жылга карата бүткүл дүйнөдө токойлордун бардык түрлөрүн рационалдуу пайдалануу методдорун киргизүүгө көмөктөшүү, токойсуз калууну токтотуу, деградацияланган токойлорду калыбына келтирүү жана токой отургузуунун жана токойлорду калыбына келтирүүнүн масштабын кеңейтүү.

15.3 2030-жылга карата чөлгө айланууга каршы күрөшүү, деградацияланган кыртыштарды жана жерлерди, анын ичинен чөлгө айланган, кургап калган жана суу каптаган жерлерди калыбына келтирүү, бүткүл дүйнөдө жерлердин абалын начарлабашына умтулуу.

15.4 2030-жылга карата туруктуу өнүгүү үчүн зарыл болгон жыргалчылыкты берүүгө шарт түзүү үчүн тоолуу экотутумдардын, анын ичинен алардын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн сакталышын камсыздоо.

15.5 Жок болуу коркунучунда турган түрлөрдүн табигый жашоо чөйрөлөрүнүн деградациясын токтотуу боюнча олуттуу чараларды токтоосуз көрүү, биологиялык ар түрдүүлүктүн жок болушун токтотуу жана 2020-жылга карата сактап калууну жана жок болуусун токтотууну камсыздоо.

15.6 Генетикалык ресурстарды пайдалануудан алынган жыргалчылыкты адилет бөлүштүрүүгө көмөктөшүү жана эл аралык деңгээлде макулдашылган шарттарда мындай ресурстарга тиешелүү жетүүнү камсыздоого шарт түзүү.

15.7 Мыйзамсыз аңчылыкты жана флора менен фаунанын корголгон түрлөрүн контрабандалык сатууну токтотуу үчүн токтоосуз чара көрүү жана жандуу жаратылыштын мыйзамсыз продукттарына болгон суроо-талапка жана сунушка байланыштуу көйгөйдү чечүү.

15.8 2020-жылга карата бөтөн инвазивдүү түрлөрдүн өтүп келүүсүн токтотуу жана алардын жер үстүндөгү жана суудагы экотутумдарга тийгизүүчү таасирин олуттуу азайтуу боюнча чараларды көрүү, ошондой эле артыкчылыктуу түрлөрдүн санын чектөөнүн же жок кылуунун алдын алуу боюнча чараларды көрүү.

15.9 2020-жылга карата жалпы улуттук жана жергиликтүү пландоонун жүрүшүндө жана өнүгүү процесстеринде, ошондой эле жакырчылыктын масштабдарын азайтуу стратегияларын жана пландарын иштеп чыгууда экотутумдардын жана биологиялык ар түрдүүлүктүн баалуулуктарын эсепке алууну камсыздоо.

15.a Биологиялык ар түрдүүлүктү жана экотутумдардын сактоо жана рационалдуу пайдалануу максатында бардык булактардын финансылык каражаттарын мобилизациялоо жана олуттуу көбөйтүү.

15.b Сарамжалдуу токой пайдаланууну каржылоо үчүн бардык булактардан жана бардык деңгээлдерде олуттуу ресурстарды мобилизациялоо жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө мындай башкаруу методдорун колдонуу үчүн, анын ичинен токойлорду сактоо жана калыбына келтирүү максатында адекваттуу өбөлгөлөрдү берүү.

15.c Мыйзамсыз аңчылыкка жана корголгон түрлөр менен контрабандалык соода кылууга каршы күрөш боюнча, анын ичинде жергиликтүү калктын экологиялык коопсуз жол менен жашоого каражат алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү аркылуу глобалдуу аракеттерди активдештирүү.

**15.1.1.1.** Токойлордун аянты *(өлкөнүн жалпы аянтына карата пайыздык катышы менен)*

| | 2011 |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **5,6** |
| Баткен облусу | 9,8 |
| Жалал-Абад облусу | 4,1 |
| Ысык-Көл облусу | 3,2 |
| Нарын облусу | 3,1 |
| Ош облусу | 6,4 |
| Талас облусу | 4,5 |
| Чүй облусу | 2,2 |

*2011-жылдагы токойлорду Улуттук инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча.*

Токойлор адамзат үчүн өтө маанилүү болгон бир катар функцияларды аткарат, анын ичинде товарларды (жыгач жана жыгач эмес токой товарларды) берүү, ошондой эле биоартүрдүүлүк үчүн жашоо чөйрөсү, көмүртектин бөлүнүшү, жээктерди коргоо, кыртышты жана суу ресурстарын сактоо сыяктуу функцияларды аткарат.

Кыргыз Республикасынын токой фондусунун жалпы аянты 2,6 млн. гектарды түздү, анын ичинен 1,1 млн. гектары же өлкөнүн жалпы аянтынын 5,6 пайызы токой менен капталган аянтка туура келет.

**15.1.2.** Корголуучу жаратылыш аймактар менен камтылган кургак жерлердин жана тузсуз аймактардын маанилүү биологиялык объектилеринин үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 6,0 | 6,0 | 7,3 | 7,4 | 7,4 |

Корголуучу жаратылыш аймактар менен камтылган кургак жерлердин жана тузсуз аймактардын маанилүү биологиялык объектилеринин үлүшү – бул жердин жана тузсуз суулардын биологиялык ар түрдүүлүгү үчүн маанилүү жерлердин (башкача айтканда, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого олуттуу салым кошкондордун) пайызы, бул өлкөнүн жалпы аянтына карата айрым корголуучу аймактар менен толук камтылган.

Кыргыз Республикасында биологиялык ар түрдүүлүктүн маанилүү объектилеринин үлүшүнүн көбөйүү тенденциясы байкалууда.

**15.3.1.1.** Пайдаланбаган себептер боюнча айдоо аянты *(жылдын башына карата, гектар)*

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1 280 570** | **1 280 570** | **1 287 859** | **1 287 810** | **1 287 584** |
| пайдаланбаган себептер боюнча айдоо аянты | 89 985 | 81 920 | 74 796 | 67 337 | 63 332 |
| ***Алардын ичинен: себептер боюнча:*** | | | | | |
| шордонуу жана сазданууу | 4 958 | 3 840 | 3 288 | 3 103 | 2 792 |
| сугат тармагынын иштебей калгандыгына байланыштуу сугаруунун жетишсиздиги | 13 756 | 14 039 | 11 954 | 11 774 | 11 105 |
| табигый кырсыктарга дуушар болуу (жер көчкү, сел) | 394 | 352 | 1 035 | 1 539 | 512 |

**Пайдаланылбай жаткан айдоо аянттарынын 5 пайызы алардын шордонуу жана саздануу жана табигый кырсыктарга (жер көчкү, сел) кабылуу себептерине байланыштуу иштетилбейт.**

**15.7.1.1** Браконьерликтин же мыйзамсыз жүгүртүүнүн объектиси болгон жапайы жаныбарлардын үлүшү *(түрлөрдүн жалпы санына карата пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| Сүт эмүүчүлөр | 15,4 | 12,1 | 14,3 | 9,9 | 9,9 |
| Канаттуулар | 3,7 | 3,7 | 2,2 | 2,7 | 2,5 |
| Амфибиялар жана сойлоп жүрүүчүлөр | - | 2,2 | 2,2 | - | 2,2 |

*КЧКТЧМА маалыматтары боюнча.*

**15.а.1.1** Айлана-чөйрөнү коргоого мамлекеттик бюджеттин чыгымдары *(млн. сом)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **665,9** | **810,1** | **934,5** | **921,5** | **962,4** |
| ***анын ичинде:*** | | | | | |
| айлана-чөйрөнүн булганышына каршы күрөшүүгө | 56,2 | 71,5 | 60,4 | 52,7 | 64,1 |
| коруктарга жана жаратылыш парктарына | 93,3 | 114,1 | 145,8 | 131,7 | 136,5 |
| жаныбарларды коргоого | 8,4 | 9,4 | 10,4 | 9,8 | 10,4 |
| өсүмдүктөрдү коргоо | 1,6 | 1,5 | 1,5 | - | - |
| эпизоотияга каршы иш-чараларга | 61,2 | 46,6 | 109,3 | 105,6 | 153,6 |
| ветеринардык диагностика | 109,3 | 107,2 | 150,8 | 134,6 | 245,1 |
| химиялаштыруу, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантинге алууга | 42,5 | 60,1 | 88,8 | 85,9 | 132,2 |
| биологиялык ар түрдүүлүктү жана ландшафтты коргоо боюнча башка кызматтар | 277,1 | 392,6 | 358,6 | 231,4 | 212,8 |
| айлана-чөйрөнү коргоого байланыштуу илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгууларга | 6,7 | 7,1 | 6,3 | 6,3 | - |

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|
| башка категорияларга таандык эмес айлана-чөйрөнү коргоо маселелерине | 9,6 | - | - | 163,5 | - |
| айлана чөйрөнү коргоо боюнча дагы башка кызмат көрсөтүүлөргө | - | - | 2,6 | - | 7,7 |

2018-жылы айлана-чөйрөнү коргоого мамлекеттик бюджеттен 963 млн сом бөлүнгөн. Ошол эле учурда, чыгашалардын негизги үлүшү ветеринардык диагностикага (25,5 пайыз) жана биоартүрдүүлүктү жана ландшафттарды коргоого (22,1 пайыз) багытталган.

16 ТЫНЧТЫК, СОТ АДИЛЕТТИГИ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ИНСТИТУТТАР

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНДА СОЦИАЛДЫК ТОСКООЛДУКТАРДАН ТЫНЧТЫККА УМТУЛГАН ЖАНА ЭРКИН КООМДУ ТҮЗҮҮГӨ КӨМӨКТӨШҮҮ, БАРДЫГЫ ҮЧҮН АДИЛЕТТҮҮ СОТКО БОЛГОН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗДОО ЖАНА БАРДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕРДЕ НАТЫЙЖАЛУУ, ОТЧЕТТУУ МЕКЕМЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ

Кыргыз Республикасынын фактылары жана цифралары

2018-жыл үчүн Улутстаткомдун маалыматтары

Туулгандыгы тууралуу күбөлүк

5 жашка чейинки балдардын

**98,8%** туулгандыгы

мамлекеттик органдарда катталган

15 жана андан жогорку жаштагы калктын

**58%**

караңгыда өз районунда жалгыз жүргөндө өздөрүн коопсуз сезишет

МЫНДА

**67%** эркектер арасында

**45%** аялдар арасында

Багуучу адам тарабынан

КАНДАЙДЫР БИР ФИЗИКАЛЫК ЖАЗАГА

же психологиялык агрессияга

КАБЫЛГАН БАЛДАРДЫН ҮЛҮШҮ




## МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТКЕРЛЕР



# 16 - МАКСАТ. ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫНДА СОЦИАЛДЫК ТОСКООЛДУКТАРДАН ТЫНЧТЫККА УМТУЛГАН ЖАНА ЭРКИН КООМДУ ТҮЗҮҮГӨ КӨМӨКТӨШҮҮ, БАРДЫГЫ ҮЧҮН АДИЛЕТТҮҮ СОТКО БОЛГОН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗДОО ЖАНА БАРДЫК ДЕҢГЭЭЛДЕРДЕ НАТЫЙЖАЛУУ, ОТЧЕТТУУ МЕКЕМЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ

Тынч жана инклюзивдүү коомду курууга көмөктөшүү үчүн адам өлтүрүү, балдарды кордоо, адам сатуу жана сексуалдык зомбулук маселелерин чечүү керек. Ушул көйгөйлөрдү чечүү менен гана адилеттүүлүккө жетүүгө жана бардык деңгээлдеги отчеттук мекемелерди натыйжалуу түзүүгө жол ачылат.

Акыркы он жылдын ичинде адам өлтүрүү жана адам сатуу фактыларынын саны кыйла азайгандыгына карабастан, миңдеген адамдар атайылап өлтүрүү коркунучунда турушат. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө агрессиянын жана сексуалдык зомбулуктун кесепетинен балдардын укуктарынын бузулушу, жазасыздыктын жана маалыматтын жетишсиздигинин натыйжасында, көйгөйдү күчөтүп жатат.

**Милдеттер:**

16.1 Бүткүл дүйнөдө зомбулуктун бардык формаларынын жайылышын кыскартуу жана бул көрүнүштөн болгон өлүмдүн көрсөткүчтөрүн азайтуу.

16.2 Балдарды кордоонун, пайдалануунун, сатуунун жана балдарга карата зомбулуктун жана кыйноонун бардык формаларын токтотуу.

16.3 Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укук үстөмдүгүнө көмөктөшүү жана бардык адамдарга бирдей сот адилеттигин камсыздоо.

16.4 2030-жылга карата мыйзамсыз финансылык агымдарды жана курал-жарак агымдарын олуттуу азайтуу, уурдалган активдерди табуу жана кайтарып алуу боюнча иштерди активдештирүү жана уюшкан кылмыштуулуктун бардык формалары менен күрөш жүргүзүү.

16.5 Бардык түрдөгү коррупциянын жана паракорлуктун масштабын олуттуу кыскартуу.

16.6 Бардык деңгээлдерде натыйжалуу, отчеттуу жана ачык мекемелерди түзүү.

16.7 Коомдун бардык катмарларынын катышуусу менен бардык деңгээлдерде репрезентативдүү органдар тарабынан чечимдерди жооптуу кабыл алууну камсыздоо.

16.8 Глобалдуу жөнгө салуу органдарынын ишине өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн катышуусун кеңейтүү жана активдештирүү.

16.9 2030-жылга карата бардык адамдардын мыйзамдуу өздүк күбөлүктөрүнүн, анын ичинде туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүнүн болушун камсыздоо.

16.10 Улуттук мыйзамдарга жана эл аралык макулдашууларга ылайык коомчулуктун маалыматтарга жетүүсүн камсыздоо жана негизги эркиндиктерин коргоо.

16.a Бардык деңгээлдерде, анын ичинде өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө зомбулукту токтотуу жана террорчулукка жана кылмыштуулуккка каршы күрөшүү ишинде дараметти өстүрүү максатында тиешелүү улуттук мекемелерди, анын ичинен эл аралык кызматташуу аркылуу бекемдөө.

16.b Туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгында басмырлоосу жок мыйзамдарды жана саясатты колдоо жана ишке ашыруу.

**20–график.** Өз районундагы көчөлөрдө жалгыз басканда өзүн коопсуз сезген адамдардын үлүшү *(аймагы боюнча, пайыз менен)*




**16.1.4.** Өз районундагы көчөлөрдө жалгыз басканда өзүн коопсуз сезген адамдардын үлүшү *(пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 57,9 |
| *Жашаган жери боюнча* | |
| Шаар конуштары | 50,7 |
| Айыл жергеси | 62,8 |
| *Жынысы боюнча* | |
| Эркектер | 67,4 |
| Аялдар | 44,7 |
| *Курагы боюнча* | |
| Жаштар (15-28 жаш) | 56,6 |
| Эмгекке жарамдуу курактагы чоң адамдар | 59,4 |
| Эмгекке жарамдуу курактан улуу | 54,1 |
| *Билим деңгээли боюнча* | |
| Баштапкы жана төмөнкү | 58,8 |
| Жалпы негизги | 63,3 |
| Жалпы орто | 57,7 |
| Кесиптик орто /жалпы | 59,7 |
| Жогорку кесиптик | 53,7 |
| *Аймак боюнча* | |
| Баткен облусу | 63,7 |
| Жалал-Абад облусу | 46,2 |
| Ысык-Көл облусу | 69,3 |
| Нарын облусу | 71,9 |
| Ош облусу | 70,4 |
| Талас облусу | 73,3 |
| Чүй облусу | 69,3 |
| Бишкек ш. | 31,2 |
| Ош ш. | 86,7 |

*УЧИИ маалыматтары боюнча.*

Бул көрсөткүч караңгыда өз аймактарында жалгыз жүргөндө өзүн коопсуз сезген 15 жана андан жогорку жаштагы адамдардын үлүшүн билдирет. Суроо кылмыштан коркуу сезимин үйдүн чегинен тышкары жерде баалайт жана респонденттин ошол коркуу сезимин түздөн-түз баштан өткөргөндүгүн билдирет. "Кылмыштан коркуу" бул кылмыштуулуктун таралышынан бөлөк болгон жана ал иш жүзүндө тажрыйбадан көзкарандысыз көрүнүш экендигин түшүнүү керек, анткени кылмышты кабыл алуу жана андан келип чыккан коркуу кылмышты билүү, коомдук пикир, маалымат каражаттары жана жеке жагдайлар сыяктуу бир катар факторлор менен байланыштырылат. Ошентсе да, "кылмыштан коркуу" өзү маанилүү көрсөткүч болуп саналат, анткени коркуунун жогорку деңгээли жыргалчылыкка терс таасирин тийгизип, коомдук мамилелердин төмөндөшүнө, ишенимдин жана активдүүлүктүн төмөндөшүнө алып келип, өнүгүүгө тоскоол болот.

15 жана андан жогорку жаштагы калктын 58 пайызы караңгыда өзүлөрүнүн аймагында жалгыз жүргөндө өздөрүн коопсуз сезишет. Аялдар арасында бул көрсөткүч 45 пайызды түзгөн. Айыл жеринде бул көрсөткүч 63 пайызды, шаар жеринде 51 пайызды түзгөн. Андан тышкары, Бишкектин үчтөн бир бөлүгү гана караңгыда көчөдө жалгыз басып жүргөндө өзүн коопсуз сезет.

### **16.2.1.** Акыркы айда аны багуучу адам тарабынан кандайдыр бир физикалык жазага жана/же психологиялык агрессияга кабылган 1 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү

*(пайыз менен)*

| | 2014 | 2018 |
|---|---|---|
| Кандайдыр бир зордук-зомбулук ыкмасына дуушар болгон 1-14 жаштагы балдардын пайыздык үлүшү | **57,1** | **74,3** |
| *Жашаган жери боюнча* | | |
| Шаар конуштары | 60,0 | 76,9 |
| Айыл жергеси | 56,0 | 73,1 |
| *Жынысы боюнча* | | |
| Эркектер | 59,9 | 75,5 |
| Аялдар | 54,4 | 73,0 |
| *Курагы боюнча, жаш* | | |
| 1-2 | 45,5 | 55,3 |
| 3-4 | 67,1 | 71,2 |
| 5-9 | 61,9 | 79,4 |
| 10-14 | 52,7 | 78,8 |
| *Баладагы функционалдык кыйынчылыктар боюнча (курагы: 2-14 жаш)* | | |
| Бар | … | 83,7 |
| Жок | … | 75,6 |
| *Энедеги функционалдык кыйынчылыктар боюнча (курагы: 18-49 жаш)* | | |
| Бар | … | 92,4 |
| Жок | … | 74,4 |
| Маалымат жок | … | 69,8 |
| *Жетиштүүлүктүн квинтилинин индекси боюнча* | | |
| Эң жакыр | 55,1 | 70,9 |
| Экинчи | 58,1 | 70,6 |
| Орто | 54,7 | 73,1 |
| Төртүнчү | 56,5 | 81,4 |
| Эң бай | 62,5 | 77,4 |

| | 2014 | 2018 |
|---|---|---|
| *Аймак боюнча* | | |
| Баткен облусу | 49,4 | 46,8 |
| Жалал-Абад облусу | 42,9 | 65,5 |
| Ысык-Көл облусу | 48,2 | 80,9 |
| Нарын облусу | 58,0 | 74,0 |
| Ош облусу | 57,8 | 74,4 |
| Талас облусу | 71,1 | 79,9 |
| Чүй облусу | 66,8 | 83,5 |
| Бишкек ш. | 70,3 | 80,5 |
| Ош ш. | 71,1 | 85,6 |

*ККИ маалыматтары боюнча.*

